Көк Арт айылдык кеңешинин II чакырылышынын 23-январь, 2025-жылдагы кезектеги III сессиясынын № 11 Токтомуна 1-тиркеме

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**

**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУНУН**

**СУЗАК РАЙОНУ**

**КӨК АРТ АЙЫЛДЫК АЙМАГЫ**

# 2025 -ЖЫЛДАН 2030-ЖЫЛГА ЧЕЙИНКИ МЕЗГИЛДЕРГЕ ОРТО МӨӨНӨТТҮҮ ЖАРАТЫЛЫШ РЕСУРСТАРЫН КОМПЛЕКСТҮҮ БАШКАРУУ ЖАНА КЛИМАТТЫН ӨЗГӨРҮҮСҮНӨ ТУРУКТУУЛУК ПЛАНЫ

Таран Базар айылы, 2025-ж

# МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ**
**1-БӨЛҮМ. ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ**
1.1. Айыл аймагы жана токой чарбасы[1] жөнүндө маалымат – географиялык абалы, климаты, айылдары жана калкы
1.2. Жаратылыш ресурстарын, анын ичинде токойлорду жана жайыттарды башкарууга жооптуу адамдар жөнүндө кыскача маалымат

**2-БӨЛҮМ. ТОКОЙ ЧАРАБАНЫН ЖАНА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖАРАТЫЛЫШ РЕСУРСТАРЫ**
2.1. ААнын жайыт ресурстары
2.1.1. Жайыт участокторунун картасы
2.1.2. Жайыт ресурстарынын жалпы мүнөздөмөсү (аянты, түшүмдүүлүгү, сыйымдуулугу, абалы, карталар, мезгилдүүлүгү)
2.1.3. Жайыт инфраструктурасынын объекттери жана анын абалы
2.1.4. Климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлашууну эске алуу менен жайыттардын абалына баа берүүнү талдоо

2.2. Жер ресурстары
2.2.1. Жерлердин категориялары

2.3. Мамлекеттик токой фондунун (МТФ) жаратылыш ресурстары
2.3.1. МТФ жайыттарын пайдалануу
2.3.2. МТФ жайыттарынын абалын баалоо
2.3.3. МТФ жайыттарын башкаруу

2.4. Токой ресурстары
2.4.1. МТФ токойлору жөнүндө жалпы маалымат
2.4.2. МТФ жана ӨКЖА кирбеген токойлор жөнүндө маалымат

2.5. Суу ресурстары
2.5.1. Суу ресурстарынын курамдык бөлүктөрү (саздар, дарыялар, көлдөр, булак суулары)

2.6. Биотүрдүүлүк

**3-БӨЛҮМ. МАЛДЫН САНЫ ЖАНА АЛАРДЫН ЖАЙЫТ ТОЮТУНА БОЛГОН КЕРЕКТӨӨСҮ**
3.1. Малдын саны. Шарттуу малдын башы
3.2. Тоютка болгон муктаждык
3.3. Жайыттан алынуучу тоюттун көлөмү жана камсыздалышы
3.4. Даярдалуучу тоюттун көлөмү
3.5. Тоют балансы
3.6. 5 жылга болжолдонгон шарттуу малдын саны жана тоютка болгон керектөө
3.7. Малдын асылдуулугун жакшыртуу
3.8. Ветеринардык-профилактикалык жана эпизоотияга каршы иш-чаралардын планын иштеп чыгуу

**4-БӨЛҮМ. ЖАЙЫТТАРДЫ БАШКАРУУ ЖАНА ПАЙДАЛАНУУ, АЛАРДЫ ЖАКШЫРТУУ ЖАНА КАЛЫБЫНА КЕЛТИРҮҮ БОЮНЧА 5 ЖЫЛГА ЧЕЙИНКИ МЕЗГИЛГЕ АДАПТАЦИЯЛЫК ИШ-ЧАРАЛАРДЫН ОРТО МӨНӨТТҮҮ ПЛАНЫ**
4.1. Фокус-топтордун жыйынтыгы боюнча муктаждыктарды/көйгөйлөрдү баалоону талдоо
4.1.1. Көйгөйдү аныктоо

4.2. Жайыт ресурстарын башкаруу планы

[1] Тиешелүү Токой чарбасы жөнүндө маалымат толтурулат - эгерде МТФ жерлери жергиликтүү калк тарабынан пайдаланылса

4.2.1. Жайыт пайдалануунун учурдагы абалы
4.2.2. Жайыттарды пайдалануу планы
4.2.3. Жайыт ресурстарын башка максаттар үчүн пайдалануу жана башкаруу планы
4.2.4. Жайыттардын абалына мониторинг жүргүзүү жана баалоо боюнча иш-чаралар

4.3. Айыл чарба багытындагы жер ресурстарын башкаруу планы
4.4. Токой эмес жер ресурстарын башкаруу планы
4.5. Токой ресурстарын башкаруу планы
4.6. Суу ресурстарын пайдалануу планы
4.7. Биологиялык ресурстарды башкаруу планы
4.8. Мал чарбасын башкаруу планы
4.9. Жаратылыш ресурстарын комплекстүү башкаруунун иш аракеттер планы
4.10. Иш чаралар жана инвестициялар. Перспективдүү план

**5-БӨЛҮМ. КИРЕШЕ АЛЫП КЕЛҮҮЧҮ ИШ-АРАКЕТТЕРДИН АБАЛЫ ЖАНА ӨНҮГҮҮСҮ**
5.1. Аялдар үчүн шарттарды жана мүмкүнчүлүктөрдү жакшыртууну эске алуу менен кошумча нарк чынжырларын түзүү потенциалын талдоо
5.2. КНЧти түзүү жана өнүктүрүү стратегиясы
5.3. Каржылоо жана колдоо

**6-БӨЛҮМ. ЖАРАТЫЛЫШ РЕСУРСТАРЫН БАШКАРУУДАГЫ ГЕНДЕРДИК АСПЕКТИ**
6.1. Гендердик теңчилик жана жаратылыш ресурстарын туруктуу башкаруу
6.2. Гендердик бөлүштүрүлгөн маалыматтарды чогултуу
6.3. Жаратылыш ресурстарын башкаруунун гендердик планын иштеп чыгуу

**Кыскартуулар**

| | |
|---|---|
| **АА** | Айылдык Аймак |
| **АӨ** | Айыл өкмөтү |
| **АРИС** | Коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агенттиги |
| **АИК** | Климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоо |
| **ПКУПРУИК** | Жаратылыш ресурстарын комплекстүү башкаруу жана климаттын өзгөрүшүнө туруктуулук планы |
| **ОГУЛ** | Жаратылышты башкаруу боюнча жамааттык топ |
| **КРС** | Ири мүйүздүү мал |
| **МиОП** | Жайыттардын абалына Мониторинг жүргүзүү жана баалоо |
| **МВРСХПП** | Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министрлиги |
| **РУАР** | Райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгы |
| **ОМСУ** | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы |
| **ПИО** | Жасалма уруктандыруу пункту |
| **СВ** | Кургак зат |
| **УГ** | Шарттуу баш |
| **ЧВС** | Жеке ветеринардык адис |
| **УДП** | Узак мөөнөттүү пайдалануудагы участок |
| **ГЛФ** | Мамлекеттик токой фонду |
| **РКФР** | Орус Кыргыз өнүктүрүү Фонду |
| **СИНС** | Коомчулуктун муктаждыгын биргелешип аныктоо |
| **ФГ** | Фокус топ |
| **ЦДС** | Кошумча нарк чынжырчасы |
| **ЛХ** | Токой чарбасы |
| **CS—FOR** | |
| **МП** | Муниципалдык ишкана |
| **МЧС** | Өзгөчө кырдаалдар министрлиги |
| **ЧМЖ** | Майда жандыктардын чумасы |
| **НДЛП** | Не древесные лесные продукты |
| **УПР** | Жаратылыш ресурстарын башкаруу |
| **МЖП** | Мамлекеттик жаратылыш паркы |
| **ӨКЖА** | Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймагы |

**КИРИШҮҮ**

Жаратылыш ресурстарын комплекстүү башкаруу жана климаттын өзгөрүшүнө туруктуулук планы (ПКУПРУИК) “Кыргыз Республикасынын токойлоруна жана жайыттарына климаттык инвестициялоо аркылуу көмүртекти секвестрациялоо” долбоорунун алкагында иштелип чыккан.

ПКУПРУИК – бул жергиликтүү калктын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын экологиялык, экономикалык жана социалдык кызыкчылыктарын эске алуу менен жаратылыш ресурстарын комплекстүү пландаштыруу жана башкаруу.

Жаратылыш ресурстары, анын ичинде Көк Арт айыл аймагынын мамлекеттик жайыттары жана токойлору мамлекеттин менчигинде болуп, башкаруу жана пайдалануу, Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 2-июнундагы Жер кодексине жана Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 8-июлундагы Токой Кодекси, Кыргыз Республикасынын 2005-жылдын 12-январындагы Суу кодекси, Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 26-январындагы “Жайыттар жөнүндө” Мыйзамы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Жайыттар жөнүндө” токтому МТФ жерлерин тескөө жана пайдалануу үчүн” жана Кыргыз Республикасынын башка тиешелүү ченемдик укуктук актыларына ылайык жүзөгө ашырылат.

ПКУПРУИК токой жана жайыттарды башкаруунун тиешелүү мамлекеттик органдары тарабынан бекитилген Жайыттарды жана токойлорду башкаруу планын иштеп чыгуунун типтүү жоболоруна ылайык, анын ичинде суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин 04-13/152, 15.05.2024-жылдагы буйругу менен бекитилген башкаруу планын иштеп чыгуунун типтүү жобосуна, ошондой эле токой чарбаларын башкаруу пландарынын формасына ылайык иштелип чыккан.

Бул план ОГУЛдун жумушчу тобу тарабынан иштелип чыгып, тиешелүү токой чарбасынын өкүлдөрүнүн жана башка кызыкдар тараптардын, анын ичинде райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын (РУАР) катышуусу менен айылдык аймактын жалпы чогулушунда жактырылды.

ПКУПРУИК – жергиликтүү кеңештин сессиясында каралып, жактырылган жана жаратылыш ресурстарын пайдалануу боюнча айыл өкмөттөрү жана токой чарба ишканалары менен тиешелүү келишимдерди түзгөн бардык жеке жана юридикалык жактар тарабынан милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш.

ПКУПРУИКтин максаты: жаратылыш ресурстарынын абалын жакшыртуу, анын ичинде жайыт жана токой аянттарынын абалын жакшыртуу; токой аянттарын көбөйтүү, жайкы жана алыскы жайыттарга жеткиликтүүлүктү жогорулатуу; сүт өндүрүүнү жана малдын салмагын көбөйтүү, климаттын өзгөрүп жаткан шарттарында токой пайдалануучулардын, жайыт пайдалануучулардын кызыкчылыктарын коргоо жана алдын ала иш-аракеттерди өнүктүрүү аркылуу мал чарбасын өнүктүрүүгө жана жамааттын мүчөлөрүнүн кирешелеринин өсүшүнө өбөлгө түзүү жана жакырчылыкты кыскартуу. Планды толугураак ишке ашыруу үчүн жаратылыш ресурстарын башкарууга кеминде 30% аялдарды жана жаштарды тартуу пландаштырылууда. Ишке ашыруу мөөнөтү 5 жыл.

## 1.1. Айыл аймагы жана токой чарбасы жөнүндө маалымат – географиялык абалы, климаты, айылдары жана калкы

Жалал-Абад облусунун Сузак районундагы Көк Арт айыл аймагы, Кара Алма, Курманбек жана Көк Арт айыл аймактарынын базасында уюштурулган. Айыл аймагынын жаңы курамында 15 айыл катталган. Көк Арт айыл аймагынын административдик борбору Таран Базар айылы. Сузак районунун административдик борборуна чейинки аралык Таран Базар айылынан – 55 чакырым, Канжыга айылынан – 87 чакырым.

Көк Арт айыл аймагынын айылдары деңиз деңгээлинен 1100 – 1700 метрге чейин бийиктикте жайгашкан. Көк Арт айыл аймагы Сузак районунун түндүк чыгышынан орун алган. Чыгыш тарабынан Тогуз Тороо району, түштүк чыгышынан Өзгөн району, түштүк батышынан Көк Жаңгак шаары, батышынан Багыш айыл аймагы жана түндүгүнөн Кыз Көл айыл аймагы менен чектешет. Түндүгүнөн жана чыгышынан Фергана тоо кыркасы менен курчалган.

**Айыл аймагынын климаты** жайы ысык, кургак жана ала булуттуу, ал эми кышы өтө суук, кар жаап, айрым жерлерде ала булуттуу болот. Жыл бою температура адатта -5°Сден 38°Сге чейин өзгөрөт жана сейрек учурларда -15°Сден төмөн же 38°Сден жогору. Аймакта эң ысык аба ырайы июнь айынын аягынан, августтун ортосуна чейин. Эң суук күндөр декабрь, январь айларында орточо -15°Сден - 5°Сге чейин болот. Жаан-чачындын жылдык орточо саны 450-1200 мм. Жер алдындагы суулары 1000 метрден ашык тереңдикте.

Айыл аймагынын калкынын саны 2024-жылдын 1-январына карата 31 986 киши, кожолуктардын саны 6 071.

Тургундардын негизги киреше булагы айыл чарбасы, мал чарбачылыгы жана соода сатык. Айыл аймагынын тургундарынын 82%ы мал чарбачылыгы, 74%ы дыйканчылык, 35%ы соода сатык менен жана 17%ы башка тармактарда эмгектенишип, күнүмдүк тиричилигин өткөрүп келишет.

Аймакта Кара Алма токой чарбасы 1947-жылы жылы уюштурулган. Токой чарбасынын жалпы аймагы 41644.5 га. анын ичинен токой жерлеринин аянты 26 690.4 га, анын ичинен токой каптаган аянты 20890.0 га, токой каптабаган аянты 5800.4 га. Ал эми токой эмес жерлери (айдоо, чөп чабык, жайыт, бак, саздак, жолдор, суулар) 14 954.1 га аянтты ээлейт.

*1-таблица. Калк жана үй чарбалары жөнүндө маалымат*

| № | Айылдардын аталышы | Калктын саны | Кожолуктардын саны |
|---|---|---|---|
| 1 | Жоон Күнгөй | 3529 | 643 |
| 2 | Калмак Кырчын | 1831 | 335 |
| 3 | Канжыга | 688 | 120 |
| 4 | Кара Чолок | 2615 | 510 |
| 5 | Сары Булак | 163 | 27 |
| 6 | Саты | 1765 | 351 |
| 7 | Таран Базар | 3761 | 722 |
| 8 | Үрүмбаш | 67 | 12 |
| 9 | Жерге Тал | 6747 | 1349 |
| 10 | Жалгыз Жангак | 5453 | 1004 |
| 11 | Мазар Булак | 705 | 128 |
| 12 | Үч Малай | 1249 | 266 |
| 13 | Кара Алма | 3232 | 573 |
| 14 | Туура Жаңгак | 0 | 0 |
| 15 | Үрүмбаш | 181 | 31 |
| | **Айыл аймак боюнча баары** | **31986** | **6071** |

**1.2. Жаратылыш ресурстарын, анын ичинде токойлорду жана жайыттарды башкарууга жооптуу адамдар жөнүндө кыскача маалымат**

Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 26-январындагы №30 «Жайыттар жөнүндө» мыйзамына ылайык мамлекеттик менчиктеги жайыттарды башкаруу боюнча жоопкерчилик жана көзөмөл жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өткөрүлүп берилген. Кыргыз Республикасынын Токой кодексине ылайык, токой чарбаларынын аймактары Кыргыз Республикасынын токой чарбачылыгын башкаруучу мамлекеттик органынын башкаруусунда болот.

CS-FOR долбоорунун алкагында жаратылышты башкаруу боюнча жамааттык (ОГУЛ) түзүлдү, ал эми ОГУЛдун курамында жумушчу топтор түзүлүп, алар айыл өкмөттөрүнө жайыттарды жана токой чарбаларына токойду башкаруу жана пайдалануу боюнча колдоо көрсөтөт.

*2-Таблица. Жаратылышты башкаруу боюнча жамааттык топтун курамы*

| № | Аты, жөнү | Кызматы | дареги |
|---|---|---|---|
| 1 | Оморов Муктарбек | МИ экономисти | Таран Базар |
| 2 | Нажимидинов Улан | жеке чарба | Саты |
| 3 | Козукеев Дайырбек | жеке чарба | Кара Алма |
| 4 | Малашев Кубаныч | жайыт инспектору | Жоон Күнгөй |
| 5 | Амираева Канипа | АӨ инвестиция адиси | Кара Чолок |
| 6 | Нурмаматов Азиз | вет.инспектор | Мазар Булак |
| 7 | Эгембердиев Темирбек | МИ жетекчиси | Жерге Тал |
| 8 | Будайчиев Турдумамат | Пенсионер | Үч Малай |
| 9 | Ташматов Замир | мугалим | Канжыга |
| 10 | Сулайманова Венера | мугалим | Жалгыз Жаңгак |
| 11 | Султанбекова Рахиля | үй кожойкеси | Калмак Кырчын |
| 12 | Маматов Нурбек | Кара Алма токой чарбасында токойчу | Кара Алма |
| 13 | Арзыбаев Абдыразак | Орток токой чарбасында токойчу | Орток |

Айыл өкмөт башчысы, ОГУЛдун жетекчиси менен макулдашып, Жумушчу топтун курамын түзөт. Көк Арт айыл өкмөт башчысынын 2024-жылдын 14-августундагы 282-б буйругу менен жумушчу топтун курамы түзүлгөн.

*3-Таблица. Жумушчу топтун курамы.*

| № | Аты, жөнү | кызматы | дареги |
|---|---|---|---|
| 1 | Малашев Кубаныч | ЖТ төрагасы, жайыт инспектору | Жоон Күнгөй |
| 2 | Нурмаматов Азиз | ЖТ мүчөсү, вет.адис | Мазар Булак |
| 3 | Амираева Канипа | ЖТмүчөсү, инвестиция боюнча адис | Кара Чолок |
| 4 | Эгембердиев Темирбек | ЖТмүчөсү, МИ жетекчиси | Жерге Тал |
| 5 | Оморов Муктар | ЖТмүчөсү, МИ кызматкери. | Таран Базар |

Жаратылыш ресурстарын башкаруу схемасы




**2-БӨЛҮМ. ТОКОЙ ЧАРАБАНЫН ЖАНА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖАРАТЫЛЫШ РЕСУРСТАРЫ**


## 2.1. ААнын жайыт ресурстары

### 2.1.1. Жайыт участокторунун картасы

*№1 карта. Жайыт участокторунун картасы*




*№2 карта. Жайыт инфраструктурасы*




### 2.1.2. Жайыт ресурстарынын жалпы мүнөздөмөсү (аянты, түшүмдүүлүгү, сыйымдуулугу, абалы, карталар, мезгилдүүлүгү)

Көк Арт айыл аймагы, административдик-аймактык реформанын негизинде Курманбек, Кара Алма жана Көк Арт айыл аймактарынын базасында кайрадан түзүлгөндүктөн, мурдагы Курманбек жана Көк Арт айыл аймактарынын жайыттарынын аянтын суммардык түрдө кошуп, жыйынтыгын алдык. Мурдагы Кара Алма айыл аймагы токой чарбанын территориясында жайгашкандыктан, жайыт аянты жок. Токой чарбанын жайыт жерлерин пайдаланып келишкен. Жергиликтүү тургундар мал жаюу үчүн жайыттардан башка, айыл чарба түшүмдөрү жыйналгандан кийин айдоо аянттарын, көп жылдык бактарды (жайыттан башка жерлер) пайдаланышат. Ар бир жайыт участогунда талаа жана шалбаа жайыттары бар. Пайдалануу мезгили боюнча жайыттар жазгы-күзгү жана жайкы болуп бөлүнөт, бирок иш жүзүндө жайыттар сезондору боюнча жазгы-күзгү, жазгы-жайкы-күзгү жана жайкы жайыттар катары пайдаланылат.

Жайыт ресурстарын мүнөздөөгө жайыттардын электрондук карталары колдонулат. Пландагы эсептөөлөр жамааттык карталоону түзүү учурунда алынган маалыматтарга ылайык жүргүзүлөт.

*4-таблица. Жайыт участокторунун өзгөчөлүктөрү тууралуу маалымат*

| № | Жайыт участогу | Пайдалануу мезгили | жайыт, га | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | Жалпы аянты, га | Анын ичинен | |
| | | | | Пайдаланууга жарактуу, га | Пайдаланууга жараксыз, га |
| | **Жаздоо-күздөө** | | | | |
| 1 | Жоон-Күнгөй | жаз-күз | 481 | 141 | 340 |
| 2 | Саты | жаз-күз | 210 | 60 | 150 |
| 3 | Калмак Кырчын | жаз-күз | 900 | 560 | 340 |
| 4 | Кара-Чолок | жаз-күз | 600 | 310 | 290 |
| 5 | Таран-Базар | жаз-күз | 701 | 530 | 171 |
| 6 | Катмы | жаз-күз | 1060 | 1060 | 0 |
| 7 | Айры | жаз-күз | 550 | 550 | 0 |
| | **Жалпы, жаздоо-күздөө:** | | **4502** | **3211** | **1291** |
| | **Жайлоо** | | | | |
| 1 | Үрүмбаш | жай | 5398 | 2087 | 3311 |
| 2 | Сары-Булак | жай | 1240 | 700 | 540 |
| 3 | Канжыга | жай | 1160 | 750 | 410 |
| 4 | Серүүн | жай | 882 | 882 | 0 |
| 5 | Капка | жай | 1120 | 1120 | 0 |
| 6 | Сасык-Үңкүр | жай | 480 | 480 | 0 |
| 7 | Чоң Таш | жай | 910 | 910 | 0 |
| | **Жалпы, жайлоо:** | | **11190** | **6929** | **4261** |
| | **Баары:** | | **15692** | **10140** | **5552** |

Көк Арт айыл аймагында мамлекеттик актынын негизинде 15692 га жайыт жери катталган.

Пайдаланууга жарактуу жайыт аянты 10140 га. Анын ичинен жаздоо-күздөө жайыты - 3211га, жайлоо жайыты -6929 га.

Ал эми пайдаланууга жараксыз жайыттар -5552 га. Анын ичинен жаздоо-күздөө жайыттарында -1291га, жайлоо жайытында -4261га.

Таблицада көрүнүп тургандай, жалпы жайыт аянтынын 35,4%ы бадалдуу токой, $45^0$ тик каптал, аскалуу жана таштак жерлер болуп эсептелет. Бул жайыт жерлери мал жаюуга пайдаланууга жараксыз жерлер.

**Жайыттарды пайдалануу мезгили**

Жайыттар жана айыл чарба жерлери, жайыттардан тышкары, мал жаюунун жана аларды күркөлөрдө кармоонун мөөнөттөрү боюнча төмөнкүдөй мезгилдерге бөлүнөт:

*5-таблица. Жайыттарды пайдалануу сезону*

| № | Сезону | Мал жаюу мезгили | Күндөрдүн саны | эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Жаз | 01-апрель-20-май | 50 | Жаздан кышка чейин мал жайыттарга жана жайыттардан башка айыл чарба жерлерине багылат. Жайыттын жалпы узактыгы орточо 245 күн. |
| 2 | Жай | 20-май- 10-сентябрь | 125 | |
| 3 | Күз | 10-сентябрь-20-ноябрь | 70 | |
| 4 | Кыш | | 120 | Малдар кыш мезгилинде орточо 120 күн колдо багылат. |

Мал жаюу мезгили жыл сайын климатка жараша болот. Жаз эрте келсе, жаздоо жайытынын күнгөй тарабы 15-марттан, ал эми тескей тарабындагы жайыттарды 10-апрелден баштап пайдалана башташат. Ал эми, жаз кеч келген жылдары, жайытка 10-15 күн кеч чыгышат.

Жайлоо жайытына май айынын аягынан июнь айынын башына чейин көчүп баштašат. Жайлоодон август айынын аягынан, сентябрдын ортосуна чейин көчүп келишет.

Күздөө жайытын, биринчи кар жааганга чейин пайдаланышат.

**Жаздоо-күздөө жайыт участокторунун өзгөчөлүктөрү.**

Жаздоо-күздөө жайыт участокторунун жалпы аянты 4502 гектарды түзөт. Анын ичинен пайдалануудагы жайыт аянты 3211 га. Жайыт пайдалануучулар жайыттарды жаз жана күз мезгилинде пайдаланышат. Бул жайыттарга күнгөй тарабында март айынын ортосунан, ал эми тескей тарабында апрель айынын башынан жайып баштashат. Жаздоо-күздөө жайыттарынан май айынын башынан баштап жайлоого көчө баштashат. Себеби, күнгөй беттеги жайыттарга мал эрте чыккандыктан, жайытта желчү тоют калбай калат. Ал эми, тескей жайыттардан май айынын аягында, күн ысып баштаганда жайлоого айдашат.

Жайыттарда негизги тоют өсүмдүктөрүнөн шыбак, арпакан, сары кашка беде, кара чөптөр жана булактардын айланасында уй беде, ак беде, бака жалбырак өсөт. Малдар жайлоого кеткенден кийин, жайыттагы чөптөр кайра калыбына келип, малдар жайлоодон түшкөндөн кийин, күздөө жайыт катарында пайдаланылат. Ошону менен бирге, малдар жайлоодон түшкөн убакта эгин талаалар бошоп, көпчүлүк мал, аңыздарга жайылат.

Малчылар, башка аймактардан алып келген малдарды 1-кар жааганга чейин күздөө жайытында багышып, анан таратып беришет. Ошондуктан, жаз-күз мезгилдеринде жайыттарда нормадан көп басым болуп, жайыттар деградацияга учуроодо.

Саты жана Калмак Кырчын айылдарынын тургундары Калмак Кырчын айылындагы Шамалдуу Кыр жайыт участогун апрелдин башынан баштап жайып, майдын аягына чейин пайдаланышат. Андан кийин, Кара Алма токой чарбасынын жайыттарына (Ак Таш, Кайынды Булак, Ак чөп, Ак терек, Ак Ноот, Шейит, Аалы, Кайналы, Бел Алма) чыгышат. Ал жайыттарда май айынан, сентябрь айына чейин жайлашат.

Жайыт пайдалануучулар токой чарбасынын жайыттарын пайдаланууда, токой чарбанын адистери менен ар бир жайыт пайдалануучу өз алдынча келишим түзүшөт.

Жаратылыш ресурстарын комплекстүү башкаруу жана климаттын өзгөрүүсүнө туруктуулук планы түзүлгөндөн кийин, токой чарбанын жайыт жерин, айыл өкмөтү келишимдик негизде пайдаланууга алышы мүмкүн.

**Жайлоо жайыт участокторунун өзгөчөлүктөрү.**

**Үрүмбаш жайытынын** жалпы аянты 5398 га. Анын 55,8%ы таштак, көчкү жана $45^0$тан жогору тик кырлуу аска-зоо болгондуктан, пайдаланууга жараксыз. Деңиз денгээлинен 2500-2800 метр бийиктикте жайгашкан. Жайыт, айыл өкмөтүнөн 57 км алыстыкта жайгашкан. Жайытты аралап, Үрүмбаш суусу агып өтөт. Жайыт пайдалануучулар жана мал жандыктар ошол суудан жана булак сууларынан пайдаланышат. Үрүмбаш жайыты алыскы жайыт катары, жайыт пайдалануучулар жай мезгилинде июнь айынын башынан, сентябрдын ортосуна чейин 125 күн пайдаланышат. Үрүмбаш жайытында Кашка Суу, Ак Суу, Атамкул, Эчкилүү, Кара Таш, Тайгак Таш, Курбан, Шерден, Сары Кыр, Сасык Үңкүр жайыт участоктору бар. Үрүмбаш жайытынын Тайгак Таш, Курбан, Шерден, Сары Кыр жайыт участокторунда шамал тынбай согуп турган кырлуу жер болгондуктан, жайыт тез эле кургап, чөп чыкпай такырланып калат.

**Сары-Булак жайытынын** жалпы аянты -1240га. Жайыт жер көчкү коркунучу бар кызыл аймакта жайгашкан. 540га жер аянты, жер көчкү коркунучу бар жаракалуу жерлер болгондуктан, пайдаланууга жараксыз. Айыл өкмөтүнөн 20-30 км алыстыкта жайгашып, деңиз денгээлинен 2000-2500 метр бийиктикте жайгашып, Көк-Арт суусу агып өтөт. Жайыт пайдалануучулар жана мал жандыктары ошол суудан жана булак сууларынан пайдаланышат. Көк-Арт суусундагы мал өтүүчү көпүрөнүн абалы жакшы деп эсептелинет. Ал көпүрө менен Сары-Булак айылынын тургундары да пайдаланышат. Айылга жакын жайгашкандыктан, чөп чабык катары да пайдаланышат. Көк Арт участогуна Ак Кыя, Артел, Сары Булак, Сары Колот, Каду, Алма жайыт участоктору кирет. Бул жайыттарды жергиликтүү тургундар жаздан күзгө чейин пайдаланышат.

**Канжыга жайытынын** жалпы аянты -1160 га. Анын ичинен 410 га жер аянты, башкача айтканда, 35,3%ы жар, көчкү коркунучу бар, бадалдуу, таштак жана $45^0$тан жогору тик каптал жерлер болгондуктан, пайдаланууга жараксыз. Суук Кыр жайыт участогу жайлоо жайыты катары пайдаланылып, Орто Канжыга, Чоң Канжыга, Талаа Канжыга жайыт участоктору чөп чабык жана жаздоо-күздөө жайыты катары да пайдаланышат. Деңиз денгээлинен 2400-2800 метр бийиктикте жайгашкан. Айыл өкмөтүнөн 25-60 км. алыстыкта жайгашкан. Бул жайыттарда малдар 245 күн багылат. Бул жайыттардын өзгөчөлүгү, жаз мезгилинде айылга жакын жерлерин жайыт катары пайдаланышат. Улам күн ысыган сайын жогору жылып отурушат. Ал эми жазда пайдаланган жерлерди корушуп, чөп чабык катары пайдаланышып, кышкыга тоют камдашат. Тоют камдап алгандан кийин күздөө жайыты катары пайдаланышат.

**Чоң Таш жайытынын** жалпы аянты 910 га. Жайыт пайдалануучулар Бел саз, Үч Темир, Чоң Таш, Курт Булак жайыт участокторуна конушат. Түшүмдүүлүгү гектарына 690кг, сыйымдуулугу -753 шарттуу малдын башы, 125 күн жай мезгилинде гана пайдаланышат. Чоң Таш жайытына баруучу жолдор жана көпүрөлөрдүн начардыгынан көчүп конууда бир топ, көйгөйлөр жаралып келет.

**Серүүн жайыты** 882 га аянтты ээлеп, апрель айынан, сентябрга чейин пайдаланылат. Серүүн жайыты ортоңку жайыт катары эсептелгендиктен, жаз мезгилинин ортосунан, күз мезгилинин башына чейин пайдаланышат. Түшүмдүүлүгү гектарына 690кг, сыйымдуулугу 753 шарттуу малдын башы. Жайыттын абалы орто. Жайытка баруучу жол, көпүрөлөрүнүн абалы начар.

**Капка жайыты** май айынан сентябрь айына чейин, жайкы жайыт катары пайдаланышат. Түшүмдүүлүгү 333кг/га, сыйымдуулугу -202ШБ. Жолдору, көпүрөлөрдүн абалы начар.

**Сасык Үңкүр жайыты** жайлоо жайыты катары пайдаланылат. Деңиз денгээлинен 2500 метр бийиктикте жайгашкан. Жайытка баруучу жолдору жана көпүрөлөрү начар абалда жана жыл сайын жайытка көчүп конуу мезгилинде оңдоп түзөөгө муктаж. Жайыттын сыйымдуулугу 173 шарттуу баш мал болсо, бүгүнкү күндө, сыйымдуулугунан 2 эсе ашык жүк менен пайдаланылып келет.

**Жайыттардын түшүмдүүлүгү, сыйымдуулугу жана алардын абалы.**

Ар бир сезон боюнча жайыт участокторунун бүгүнкү күндөгү пайдалануу абалына мониторинг жасап, жайыт участоктору канчалык деңгээлде ашыкча басым менен пайдаланып жаткандыгын аныктап алсак, жайыттарды эффективдүү пайдалануу жана башкаруу боюнча картинаны ачыктап алган болот элек. Ошондуктан, ар бир жайыт участогу боюнча сыйымдуулугун аныктап, бүгүнкү күндөгү жайылып жаткан малдардын саны, жайыт адисинин маалыматынын негизинде жазылды.

*6-таблица. Жаздоо жайыт участоктору боюнча сыйымдуулугу*

| Жайыт участогу | Аянты, га | Түшүмдүүлүк (кг/га) | Жалпы түшүмдүүлүк (кг) | Жээлчү коэф. 60% | 1 ШБ күндүк керектөө, 7,5кг | 50 күнгө оптималдуу ШБ |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Жоон-Күнгөй | 141 | 340 | 47 940 | 28 764 | 3 835 | 77 |
| Саты | 60 | 340 | 20 400 | 12 240 | 1 632 | 33 |
| Калмак Кырчын | 560 | 340 | 190 400 | 114 240 | 15 232 | 305 |
| Кара Чолок | 310 | 340 | 105 400 | 63 240 | 8 432 | 169 |
| Таран Базар | 530 | 340 | 180 200 | 108 120 | 14 416 | 288 |
| Катмы | 1060 | 333 | 352 980 | 211 788 | 28 238 | 565 |
| Айры | 550 | 333 | 183 150 | 109 890 | 14 652 | 293 |
| **Баары** | **3211** | | **1 080 470** | **648 282** | **86 438** | **1 729** |

Жаздоо жайыт участокторунда 50 күн багыла тургандыгын эске алсак, сыйымдуулугу жалпысынан 1 729 шартуу баш экендигин аныктап алдык.

Малдар жайлоодон кайткандан кийин, күздөө жайытына багылат. Күздөө жайыт участоктору жай мезгилинде эс алып, бир топ калыбына келип калгандыктан, түшүмдүүлүгү жаз мезгилине караганда бир топ түшүмдүү болуп калат деп эсептеп, түшүмдүүлүгүн жаз мезгилине караганда бир топ жогору эсептелди.

*7-таблица. Күздөө жайыт участоктору боюнча сыйымдуулугу*

| Жайыт участогу | Аянты, га | Түшүмдүүлүк (кг/га) | Жалпы түшүмдүүлүк (кг) | Жээлчү коэф. 60% | 1 ШБ күндүк керектөө, 7,5кг | 70 күнгө оптималдуу ШБ |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Жоон-Күнгөй | 141 | 500 | 70 500 | 42 300 | 5 640 | 81 |
| Саты | 60 | 500 | 30 000 | 18 000 | 2 400 | 34 |
| Калмак Кырчын | 560 | 340 | 190 400 | 114 240 | 15 232 | 218 |
| Кара Чолок | 310 | 500 | 155 000 | 93 000 | 12 400 | 177 |
| Таран Базар | 530 | 500 | 265 000 | 159 000 | 21 200 | 303 |
| Катмы | 1060 | 450 | 477 000 | 286 200 | 38 160 | 545 |
| Айры | 550 | 450 | 247 500 | 148 500 | 19 800 | 283 |
| **Баары** | **3211** | | **1 435 400** | **861 240** | **114 832** | **1 640** |

Ал эми күздөө жайыт участокторунда жаз мезгилине караганда түшүмдүүлүктүн жогору экендигин эске алып, күзүндө мал жаюу мезгили 70 күн деп эсептесек, анда 1 640 шартуу малдын жаюуга болот.

Күз мезгилинде айыл чарба жерлерине эгилген эгиндер чаап-жыйналгандан кийин, эгин талаалар да жайыт катары пайдаланылып келет.

*8-таблица. Жайыт участокторунан башка жерлер боюнча сыйымдуулугу*

| мал жайылуучу аймактар | Аянты, га | Түшүмдүүлүк (кг/га) | Жалпы түшүмдүү-лүк (кг) | Жээлчү коэф. 60% | 1 ШБ күндүк керектөө, 7,5кг | 70 күнгө оптималдуу ШБ |
|---|---|---|---|---|---|---|
| чөп чабык | 3788 | 950 | 3 598 600 | 2 159 160 | 287 888 | 4 113 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| айдоо аңыздары | 9150 | 1500 | 10 980 000 | 6 588 000 | 878 400 | 12 549 |
| **Баары** | | | **14 578 600** | **8 747 160** | **1 166 288** | **16 661** |


Айыл тургундарынын мал жандыктары күз мезгилинде жайыт участокторунан сырткары, айыл чарба жерлериндеги түшүмдөр жыйналып алынган жерлерге жайылат. Ошентип, күз мезгилинде жайыттарга жана аңыздарга жалпысынан 18 301 шарттуу малдын башы жайылат. Ал эми сырттан келген малдар, кайра өз ээлерине кайтарылып берилгендиктен. Күзгү жайытты жетишээрлик деп эсептесек болот.

*9-таблица. Жайлоо жайыт участоктору боюнча сыйымдуулугу*

| Жайыт участогу | Аянты, га | Түшүмдүүлүк (кг/га) | Жалпы түшүмдүүлүк (кг) | Жээлчү коэф. 60% | 1 ШБ күндүк керектөө, 7,5кг | 120 күнгө оптималдуу ШБ |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Үрүмбаш | 2087 | 720 | 1 502 640 | 901 584 | 120 211 | 1 002 |
| Сары Булак | 700 | 340 | 238 000 | 142 800 | 19 040 | 159 |
| Канжыга | 750 | 340 | 255 000 | 153 000 | 20 400 | 170 |
| Серуун | 882 | 690 | 608 580 | 365 148 | 48 686 | 406 |
| Капка | 1120 | 333 | 372 960 | 223 776 | 29 837 | 249 |
| Сасык Үнкүр | 480 | 333 | 159 840 | 95 904 | 12 787 | 107 |
| Чоң Таш | 910 | 690 | 627 900 | 376 740 | 50 232 | 419 |
| **Баары** | **6929** | | **3 764 920** | **2 258 952** | **301 194** | **2 510** |

Жайлоо жайыттарга 20-майдан баштап, июндун башына чейин көчүп барышып, август айынын аягынан, сентябрь айынын ортосуна чейин орточо 120 күн жайлашат. Жайыттардын түшүмдүүлүгү боюнча алынган маалыматтардын негизинде, жогорудагы таблицада көрүнгөндөй жайлоо жайытына 2 510 шарттуу баш жаюуга мүмкүн.

*1-сүрөт. Жайыттарды пайдалануу картасынын мисалы.*



### 2.1.3. Жайыт инфраструктурасынын объекттери жана анын абалы

Айыл өкмөт тарабынан түзүлгөн жумушчу топ, айыл аймагындагы инфраструктуранын абалына талдоо жүргүзгөн. А/Анын аймагында мал суу ичүүчү жайдан башка инфраструктуралык объекттер жок. А/Ада жайытка баруучу 360 км жол бар, анын 300 км начар абалда. 12 көпүрөлөрдүн ичинен 10у ондоп түзөтүүгө муктаж. Себеби, жайыт сууларына курулган көпүрөлөр, малдар убактылуу өтүүгө ылайыкташып курулат. Курулуш нормаларына ылайык куруу үчүн чоң суммадагы каражатты талап кылгандыктан, андай каражаттын булагын аныктоодобуз. 14 мал суу ичүүчү жайлардын ичинен 5өө оңдоону же калыбына келтирүүнү талап кылат.

Жайыт инфраструктурасынын объекттери жана башка объекттер жөнүндө маалыматтар (мисалы, туризм, аңчылык, маданий мурас объекттери, жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн сейрек жана жоголуп бара жаткан түрлөрүнүн бар экендиги жөнүндө маалыматтар) келтирилет.

Жайыт жана ветеринардык инфраструктураны АА жайыт картасында көрсөтүү зарыл.

### 2.1.4. Климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлашууну эске алуу менен жайыттардын абалына баа берүүнү талдоо

Акыркы жылдары өлкөбүздөгү климаттын өзгөрүүсү, Көк Арт айыл аймагынын аймагында да кеңири байкалууда: 2023-жыл кургакчыл болуп, жазы жаан-чачынсыз болуп, жайында жогорку температура. Жайыттарда чөптөр күйүп, кээ бир булактар кургап калган, мунун баары малдын продуктуулугуна терс таасирин тийгизүүдө. 2024-жылы жаз-жай айларында жаан-чачындын көп болушу жайыттардын өсүмдүктөрүнө жакшы таасирин тийгизген. Бирок, ошол эле учурда, малды жайкы жайыттарга өз убагынан эрте чыгарышып жана сырттан малды өтө көп алып келишип, жайыттарга 5-10 эсе ашыкча басым жасалууда.

Климаттын өзгөрүүсүнүн таасири тоют камдоого да өзүнүн терс таасирин тийгизүүдө. Кыш мезгилинде кардын аз өлчөмдө жаашы жана жазда жаан-чачындын нормадан аз жаашы айыл чарба жерлерине эгилген эгиндердин түшүмдүүлүгү начар болууда. Натыйжада, тоюттун аз камдалышы, колдо багуу мезгилинде тоют тартыштыгын пайда кылып, тоют сатып алууга кошумча каражат чыгымын талап кылууда. Кошумча тоют сатып алууга каражаты жетишпеген үй-бүлөлөр, колдо болгон тоютту  үнөмдөп жеткирүүнүн амалын кылышканы менен малдар өтө арык болуп, малдын продуктуулугу төмөндөөдө.

Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин маалыматы боюнча, айыл аймагынын Сары Булак, Көк Арт жайыт аймактарында сел жүрүү коркунучу бар, жер көчкү түшүүсү мүмкүн болгон жерлер бар. Бул участоктордо жайыттарды пайдалануунун планын түзүүдө, Кыргызгидромет тарабынан иштелип чыккан аба ырайынын божомолун жана алдын ала эскертүү системасынын маалыматтарын колдонуудабыз.

Климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлашуу боюнча төмөндөгү иштер аткарылат:

- өзгөчө кырдаалдарды болжолдоого мониторинг жүргүзүүнүн натыйжалары боюнча иш-чараларды пландаштыруу (сел ташкындарына, катуу суукка жана жаан-чачынга, жер көчкүлөргө, кургакчылыкка ж.б.);
- жайыт пайдалануучуларга климаттын өзгөрүшүнүн жайыттарга жана малдын продуктуулугуна тийгизген таасирин түшүндүрүү;
- аба ырайынын катаал жылдары, жайыттарга сыйымдуулугунан 10-15% га азыраак мал жайуу планын түзүү;
- деградация болгон жайыттарды которуштуруп пайдалануу;
- жайыттарды пайдалануу мөөнөттөрүн жөнгө салуу менен, эс алууну камсыз кылуу;
- инфраструктураны жакшыртуу, куруу жана реабилитациялоо менен (вет.сервис, көп жылдык чөптөрдү себүү, жер семирткичтерди чачуу, суу ичүүчү жайларды куруу ж.б.);
- кышкы тоют камдоону уюштуруу, кургакчылык мезгилди эске алуу менен, тоюттун запастарын көбөйтүү;
- климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлашкан малдардын асылдуулугун жакшыртуу;
- айдоо аянттарынын структурасын өзгөртүү. Жогорку түшүм бере турган тоют аянтын көбөйтүү.

## 2.2. Жер ресурстары

### 2.2.1. Жерлердин категориялары

Айыл аймагынын жалпы аянты 99 296.10 га. Кара-Алма жана Орток токой чарбалары Көк Арт айыл аймагынын территориясында жайгашкандыктан, токой чарбаларга тиешелүү жерлер, жер балансында Көк Арт айыл аймагында отурат. Төмөндөгү таблицада токой чарбаларга тиешелүү жайыт жана токойлуу жерлерди өзүнчө бөлүп көрсөттүк. Токой чарбаларга тиешелүү жерлер айыл өкмөтүнүн балансында катталганы менен башкаруу жана пайдалануу жоопкерчилиги токой чарбаларда.

*10-таблица. ААнын жер ресурстары*

| № | ААдагы жер категориялары | аянты/га |
|---|---|---|
| 1 | Айыл чарба жерлери, га | 9 393,71 |
| 2 | Бак-дарак | 146,45 |
| | *Кара Алма токой чарбанын бак-дарак жери* | *118,9* |
| | *Көк Арт АА бак дарак жери* | *27,55* |
| 3 | Чөп орок | 3 787,92 |
| 4 | Жайыт | 36 903,05 |
| | *Кара Алма токой чарбанын жайыты* | *12 806,10* |
| | *Орток токой чарбанын жайыты* | *8 405,00* |
| | *Көк Арт АА жайыты* | *15 692,00* |
| 5 | Калктуу конуштардын жерлери | 1 012,86 |
| 6 | Өнөр жай, транспорт, байланыш, энергетика, коргонуу жана башка максаттар үчүн жерлер | 195,11 |
| 7 | Бадалдуу жер | 259,00 |
| 8 | Токойлуу жерлери | 33 825,30 |
| | *Кара Алма токой чарбанын токойлуу жери* | *26 690,40* |
| | *Орток токой чарбанын токойлуу жери* | *5 874,90* |
| | *Көк Арт АА токойлуу жери* | *1 260,00* |
| 9 | Башка багыттагы жерлер | 13 772,70 |
| | **Жалпы:** | **99 296,10** |

Көк Арт айыл аймагында 1260.0 га бадалдуу жана мөмө жемиш токой аянттары катталган. Бул токой аянттары бүгүнкү күндө кароосуз жана башкаруусуз абалда. Токой участокторуна инвентаризация жасап, башкаруу жана пайдалануу жолдору анализ жасалууда.

Көк Арт айыл аймагынын айыл чарба жерлери 30420.18 га жер аянтын түзөт. Төмөндө айыл чарба жерлеринин структурасын таблица түрүндө көрсөттүк.

*11-таблица. Айыл чарба жерлеринин структурасы*

| № | Айыл чарба жерлеринин түрлөрү | Баары, га |
|---|---|---|
| 1 | Айдоо жерлер: | 9 393,71 |
| | Анын ичинен:<br>сугат жерлер | 4 009,06 |
| | кайракы жерлер | 5 384,65 |
| 2 | Токойлуу жерлер | 1 260,00 |
| 3 | Бак дарак | 27,55 |
| 4 | Бадалдуу жер | 259,00 |
| 5 | Жайыт | 15 692,0 |
| 6 | Чөп орок | 3 787,92 |
| | **Бардыгы:** | **30 420,18** |

Айыл аймагы тоолуу аймак болуп эсептелгендиктен, жергиликтүү тургундардын негизги тиричилиги мал чарбасы болуп, тоют болуучу айыл чарба өсүмдүктөрү көп эгилет. Беде -2615 га, эспарцет -100га, арпа -4288 га, буудай -1769 га, жүгөрү -378 га.

Көк Арт айыл аймагында көп жылдык мөмөлүү бак өсүмдүктөрү 27.55 га аянтты ээлейт.

## 2.3. Мамлекеттик токой фондунун (МТФ) жаратылыш ресурстары

### 2.3.1. МТФ жайыттарын пайдалануу

Көк Арт айыл аймагынын тургундары, Кара Алма токой чарбасынын Кара Алма, Үрүмбаш жана Көк Арт токой бөлүмдөрүнүн жайыттарын пайдаланышат. Токой чарбанын жалпы жайыт аянты 12806.1 га. Ал жайыт аянттарынын 8572 га жайытына Көк Арт айыл аймагынын 3775 шарттуу малдын башы жайылат.

*12-таблица. Ижарага алынган МТФ жайыттары*

| Жайыт участогу квартал, выдел | Жайыт түрү | Аянты, га | сыйымдуулугу, ШБ | Жаюу мезгили |
|---|---|---|---|---|
| **Кара Алма токой бөлүмү.** Беш Жангак, Балык Сай, Сасык Үнкүр, Эмчек Үнкүр, Малагай | жайлоо | 1565 | 470 | 20-майдан 15-сентябрга чейин |
| **Үрүмбаш токой бөлүмү.** Ак Таш, Тарылга, Кашка Суу, Атамкул | жайлоо | 4707 | 1412 | 20-майдан 15-сентябрга чейин |
| **Көк Арт токой бөлүмү.** Ничке Суу, Калмак Кырчын, Кызыл Суу, Шамалдуу Кыр, Жыланды, Ак Таш | жайлоо | 2300 | 663 | 20-майдан 15-сентябрга чейин |

Көк Арт айыл аймагынын тургундары Кара Алма токой чарбасынын жайыттарын пайдалануу үчүн, жайлоого көчүү учурунда, токой чарбанын постторунан малдардын ветеринардык эмдөөдөн өткөндүгү тууралуу справкасын көрсөткөндөн кийин, ошол жерде малдардын санын аныкташат да, жайыт пайдалануучулар менен жайыт пайдалануу келишимдерин түзүшөт.

*13-таблица. МТФ жерлеринде жаюуга болжолдонгон мал*

| № | Айыл | КРС, баш | МРС, баш | жылкы, баш |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Көк Арт айыл аймагынын бардык айылдарынан малдар жайылат | 2046 | 7932 | 143 |
| | **Баары:** | **2046** | **7932** | **143** |

### 2.3.2. МТФ жайыттарынын абалын баалоо

Жайыттардын абалын баалоо ОГУЛдун жумушчу тобу тарабынан токой чарба адистери менен биргеликте жүргүзүлөт жана жайыттардын түшүмдүүлүгү жана сыйымдуулугу, алардын абалы аныкталат. Бул маалыматтардын негизинде токой чарбасынын жайыттарын пайдалануунун графиги иштелип чыгылат. МТФнын жайыттарынын жер фондунун абалын баалоо, ААнын жайыттары сыяктуу эле методологияны колдонуу менен жүргүзүлөт.

*14-таблица. Жайыттардын абалын баалоо*

| Участок | Балл | Абалы | Индикатор | Сунуштар |
|---|---|---|---|---|
| Беш Жангак | 3 | орто | Жайыттар калыбына келет | Жайыттарды которуштуруп пайдалануу |
| Балык Сай | 3 | орто | Жайыттар калыбына келет | Жайыттарга малдын санын чектөө |
| Малагай | 3 | орто | Жайыттар калыбына келет | Жайыттарды коргоо иштерин колго алуу керек |
| Сасык Үнкүр | 3 | орто | Жайыт жолдору жакшырат | Жайыт жолдорун оңдоо |
| Эмчек Үнкүр | 3 | орто | 2 көпүрө оңдолот | Кара Алма суусундагы көпүрөнү калыбына келтирүү |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Ак Таш | 3 | орто | Жайыттар калыбына келет | Чөп уруктарын себүү |
| Тарылга | 3 | орто | Жайыттар калыбына келет | Чөп уруктарын себүү |
| Кашка Суу | 3 | орто | Жайыттар калыбына келет | Жайыттарга малдын санын чектөө |
| Атамкул | 3 | орто | Жайыттар калыбына келет | Жайыттарга малдын санын чектөө |
| Ничке Суу | 3 | орто | Жайыттар калыбына келет | Жайыттарга малдын санын чектөө |
| Калмак Кырчын | 3 | орто | Жайыттар калыбына келет | Жайыттарга малдын санын чектөө |
| Кызыл Суу | 3 | орто | Жайыттар калыбына келет | Жайыттарга малдын санын чектөө |
| Шамалдуу Кыр | 2 | начар | Жайыттар калыбына келет | Чөп уруктарын себүү |
| Ак Таш | 2 | начар | Жайыттар калыбына келет | Жайыттарга малдын санын чектөө |
| Жыланды | 3 | орто | Жайыттар калыбына келет | Жайыттарга малдын санын чектөө |

Жайыттарга ашыкча жүк келтирбей пайдалануу жана жайыттардын абалына баалоо жүргүзүп туруу үчүн жайыттардын сыйымдуулугун аныктап туруубуз керек. Себеби, жайыттар ашыкча жүктөм менен пайдалануунун натыйжасында жайыттар деградацияга учуроодо. Бул өз кезегинде климаттын өзгөрүүсүнө алып келип, ар кандай жаратылыш кырсык, кесепеттерин себеп болууда. Ошондуктан, жыл сайын жайыттардын абалына мониторинг жүргүзүп, жайыттардын сыйымдуулугуна байкоо жүргүзүп турабыз.

*15-таблица. Жайыттын сыйымдуулугу*

| Жайыт участогу | Жайыт аянты, га | түшүмдүү лүгү | Жалпы түшүмдүүлүгү | Жээлчү коэффициент, 60% | 1 ШБ күндүк керектөө, 7,5кг | 120 күнгө оптималдуу ШБ |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **А** | **Б** | **В=А*Б** | **Г=В*0,6** | **Д=Г/7,5** | **Е** |
| Беш Жангак | 565 | 450 | 254 250 | 152 550 | 20 340 | 170 |
| Балык Сай | 370 | 450 | 166 500 | 99 900 | 13 320 | 111 |
| Малагай | 330 | 450 | 148 500 | 89 100 | 11 880 | 99 |
| Сасык Үнкүр | 170 | 450 | 76 500 | 45 900 | 6 120 | 51 |
| Эмчек Үнкүр | 130 | 450 | 58 500 | 35 100 | 4 680 | 39 |
| **жалпы** | **1 565** | | **704 250** | **422 550** | **56 340** | **470** |
| Ак Таш | 800 | 450 | 360 000 | 216 000 | 28 800 | 240 |
| Тарылга | 1 600 | 450 | 720 000 | 432 000 | 57 600 | 480 |
| Кашка Суу | 1 800 | 450 | 810 000 | 486 000 | 64 800 | 540 |
| Атамкул | 507 | 450 | 228 150 | 136 890 | 18 252 | 152 |
| **жалпы** | **4 707** | | **2 118 150** | **1 270 890** | **169 452** | **1 412** |
| Ничке Сай | 408 | 450 | 183 600 | 110 160 | 14 688 | 122 |
| Калмак Кырчын | 702 | 450 | 315 900 | 189 540 | 25 272 | 211 |
| Кызыл Суу | 650 | 450 | 292 500 | 175 500 | 23 400 | 195 |
| Шамалдуу Кыр | 50 | 333 | 16 650 | 9 990 | 1 332 | 11 |
| Ак Таш | 300 | 333 | 99 900 | 59 940 | 7 992 | 67 |
| Жыланды | 190 | 450 | 85 500 | 51 300 | 6 840 | 57 |
| **жалпы** | **2 300** | | **994 050** | **596 430** | **79 524** | **663** |

Кара Алма токой чарбасынын жайыттарынын мал жаюу мезгили бирдей аныкталган.

*16-таблица. Мал жаюу графиги*

| Жайыт участогу | Пайдалануу мезгили боюнча жайыттын түрү | Аянты, га | Мал жаюу мезгили |
|---|---|---|---|
| Кара Алма токой бөлүмү | жайлоо | 1565 | 20- майдан 15-сентябрга чейин |
| Үрүмбаш токой бөлүмү | жайлоо | 4707 | 20- майдан 15-сентябрга чейин |
| Көк Арт токой бөлүмү | жайлоо | 2300 | 20- майдан 15-сентябрга чейин |

#### 2.3.3. МТФ жайыттарын башкаруу

МТФ жайыттарын комплекстүү башкаруу үчүн айыл өкмөттөр менен токой чарбасынын ортосунда МТФнын жаратылыш ресурстарын биргелешип башкаруу боюнча Меморандум түзүлөт.

## 2.4. Токой ресурстары

### 2.4.1. МТФ токойлору жөнүндө жалпы маалымат

2024-жылга карата Кара Алма токой чарбасынын аймагында 26 690,4 га токой аянты бар. Айыл аймагынын жашоочулары токой фондусун жана токой эмес аймактарды чарбалык иштерге активдүү пайдаланышууда. Жергиликтүү тургундардын айтымында, жерди пайдалануу абдан интенсивдүү. Бул колдонулган жыгач эмес токой продуктыларына терс таасирин тийгизет.

*17-таблица. Токой чарбасынын жерлерин пилоттук бөлүштүрүү жөнүндө маалымат*

| № | Жерлердин түрлөрү | аянты, | № | Жерлердин түрлөрү | аянты, |
|---|---|---|---|---|---|
| **1** | **МТФ жерлеринин жалпы аянты, анын ичинен:** | **41644,5** | **3** | **Токой эмес жерлер, га** | |
| **2** | **Токой жерлери** | 26690,4 | | Сугат айдоо жерлери | 7,2 |
| | **Токой каптаган аянттар,** | 20890 | | Кайракы жерлер | 159,7 |
| | Анын ичинен токой | 1239 | | Чөп чабык | 240,4 |
| | **Токой эмес аянттары** | | | Жайыт | 12806,1 |
| | Не сомкнувшиеся л\к | 44,7 | | Бакчалар | 70,8 |
| | Питомниктер жана плантациялар | 58,6 | | Усадьбы | 222 |
| | Редины | 2339,6 | | Саздак жерлер | 0,6 |
| | Гари и погибшие насаж. | | | Жолдор | 30,5 |
| | Кыйылган аянттар | | | Суулар | 53 |
| | Ачык жана бош жерлер | 3357,5 | | Кумдуу жерлер | |
| | **Жалпы токой эмес жерлер** | 5800,4 | | Башка жерлер | 1363,8 |
| | | | | **Бардык токой эмес жерлери:** | **14954,1** |

## 2.5. Суу ресурстары

### 2.5.1. Суу ресурстарынын курамдык бөлүктөрү (саздар, дарыялар, көлдөр, булак суулары)

Кара Алма токой чарбанын аймагынан Кара Алма, Үрүмбаш суулары агат жана алар Көк Арт дарыясына кошулат. Бул суулардын Көк Арт айыл аймагынын дыйканчылыгына колдонулбайт.

## 2.6. Биотүрдүүлүк

Биологиялык ар түрдүүлүк төмөнкүчө чагылдырылган. Жайыттардын жана токойлордун аймагында төмөндөгүдөй дары-дармек, эндемикалык өсүмдүктөр өсөт: уй беде, мята, сасык матар, ак кодол.

Жергиликтүү калк дары-дармек өсүмдүктөрүн чогултат долононун гүлүн чогултуп кургатып, чай катары пайдаланууга болот.

Дары-дармек өсүмдүктөрүн көзөмөлсүз жыйнап сатуунун натыйжасында, сасык матар өсүмдүктөрү дээрлик жок болуп кетүү коркунучунда турат.

## 3-БӨЛҮМ. МАЛДЫН САНЫ ЖАНА АЛАРДЫН ЖАЙЫТ ТОЮТУНА БОЛГОН КЕРЕКТӨӨСҮ

### 3.1. Малдын саны. Шарттуу малдын башы

А/А жыл сайын жылдын аягында айыл башчылар, жеке ветеринардык адистер жана айылдагы активдүү адамдардын катышуусу малдын эсеби жүргүзүлөт. Айылдык аймакта малдын санын тактоо үчүн ар башка булактардан чогулган маалыматтарды колдонуу керек. Себеби, бир эле булактан алынган маалымат так эмес болуп эсептелет. Мисалы, айыл аймактын электрондук базасында катталган малдын саны, кээ бир тургундар кредит алуу үчүн ашыкча малды жана пособие алуу үчүн малдын санын кыскартып койгон учурлар кездешет. Ошондуктан, биз малдын санын тактоо үчүн төмөндөгү 3 булактан алынган маалыматтарды чогулттук.

*18-таблица. 1-булак. Статистикалык комитеттин №6 формасы.*

| № | айыл | бодо мал | жаш бодо мал | кой | эчки | жылкы | тай, кулун | эшек | ШБ |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кара Алма | 1412 | 635 | 354 | - | 359 | 80 | 70 | **2412** |
| 2 | Үрүмбаш | 78 | 36 | 21 | - | 16 | 2 | 6 | **131** |
| 3 | Жерге-Тал | 1372 | 593 | 5800 | 21 | 436 | 14 | 75 | **3472** |
| 4 | Жалгыз-Жангак | 1027 | 511 | 4609 | 13 | 416 | 8 | 25 | **2756** |
| 5 | Мазар-Булак | 514 | 262 | 2194 | 6 | 186 | 32 | 41 | **1387** |
| 6 | Үч-Малай | 360 | 231 | 1224 | - | 169 | 10 | 12 | **955** |
| 7 | Жоон-Күнгөй | 1460 | 476 | 5675 | 728 | 525 | 58 | 68 | **3707** |
| 8 | Калмак-Кырчын | 912 | 227 | 2183 | 296 | 643 | 333 | 63 | **2506** |
| 9 | Канжыга | 767 | 292 | 1142 | 317 | 248 | 80 | 29 | **1596** |
| 10 | Кара-Чолок | 1096 | 380 | 2594 | 347 | 257 | 37 | 31 | **2264** |
| 11 | Сары-Булак | 235 | 63 | 702 | 204 | 202 | 89 | 42 | **767** |
| 12 | Саты | 918 | 266 | 1396 | 311 | 308 | 81 | 65 | **1875** |
| 13 | Таран-Базар | 1162 | 364 | 3536 | 619 | 226 | 6 | 34 | **2512** |
| 14 | Үрүмбаш | 65 | 22 | 987 | 8 | 47 | 16 | 6 | **344** |
| **Баары:** | | **11378** | **4358** | **32417** | **2870** | **4038** | **846** | **567** | **26684** |

Статистикалык комитеттин маалыматы боюнча айыл аймакта 26 684 шарттуу малдын башы эсептелди. Жайлоого чыккан жана колдо багылган эт, сүт багытындагы малдардын баары эсепке алынды.

*19-таблица. 2-булак. Малчылар аркылуу жайлоого чыккан малдын жалпы саны (булак - жайыт адиси)*

| № | Малчынын аты-жөнү | Малчынын дареги | КРС | МРС | Жылкы | ШБ | жайыт | участогу |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Карагулов Эрнис | Таран Базар | 333 | | | 333 | Үрүмбаш | Ак Жар |
| 2 | Шеримбетов Азимбай | Жоон Күнгөй | 56 | | | 56 | Үрүмбаш | Ак Суу |
| 3 | Кыралиев Улукбек | Жоон Күнгөй | 133 | | | 133 | Үрүмбаш | Атамкул |
| 4 | Шеримбетов Кубаныч | Жоон Күнгөй | 200 | | | 200 | Үрүмбаш | Атамкул |
| 5 | Ташболотов Актилек | Жашасын | | 466 | | 93,2 | Үрүмбаш | Жалгыз Кыр |
| 6 | Рахманов Куралбек | Кайрагач | | 338 | | 67,6 | Үрүмбаш | Жалгыз Кыр |
| 7 | Маматалиев Батыр | Барпы | | 680 | | 136 | Үрүмбаш | Көл |
| 8 | Салымбаев Калбай | Үрүмбаш | | 633 | | 126,6 | Үрүмбаш | Курбан |
| 9 | Эшмуратов Закир | Жаны Дыйкан | | 334 | | 66,8 | Үрүмбаш | Курбан |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 10 | Маматкасымов Жумали | Кайрагач | 120 | | | 120 | Үрүмбаш | Курбан |
| 11 | Арыкбаев Мирлан | Кара Чолок | | 525 | | 105 | Үрүмбаш | Курбан |
| 12 | Давидов Чынберди | Багыш | 72 | 480 | | 168 | Үрүмбаш | Шерден |
| 13 | Маматов Аман | Жоон Күнгөй | 160 | 500 | | 260 | Үрүмбаш | Шерден |
| 14 | Артыкбаев Бактыбек | Жоон Күнгөй | 126 | | | 126 | Үрүмбаш | Кашка Суу |
| 15 | Кулушев Мамыт | Жоон Күнгөй | | | 13 | 13 | Үрүмбаш | Кашка Суу |
| 16 | Кенешбаева Улкан | Жоон Күнгөй | | 500 | | 100 | Үрүмбаш | Кашка Суу |
| 17 | Исаков Эрмек | Жоон Күнгөй | 60 | | | 60 | Үрүмбаш | Кашка Суу |
| 18 | Бекишов Кадырбек | Жоон Күнгөй | 133 | | | 133 | Үрүмбаш | Кашка Суу |
| 19 | Аманбаев Кенен | Жаны Дыйкан | | 500 | | 100 | Үрүмбаш | Сасык Үңкүр |
| 20 | Эшмуратов Абдубаит | Жаны Дыйкан | 84 | 517 | | 187,4 | Үрүмбаш | Сасык Үңкүр |
| 21 | Назирбаев Нурболот | Жоон Күнгөй | 133 | | | 133 | Үрүмбаш | Сасык Үңкүр |
| 22 | Айтимбетов Рустам | Таран Базар | | 625 | | 125 | Үрүмбаш | Сасык Үңкүр |
| 23 | Бекишев Заирбек | Жоон Күнгөй | 150 | | | 150 | Үрүмбаш | Сасык Үңкүр |
| 24 | Мурзакматова Сапаргүл | Кулбайуулу | | 167 | | 33,4 | Үрүмбаш | Сасык Үңкүр |
| 25 | Малабаев Шарипбек | Жоон Күнгөй | 100 | | | 100 | Үрүмбаш | Сасык Үңкүр |
| 26 | Шаимкулов Элдос | Жаны Дыйкан | | 222 | | 44,4 | Үрүмбаш | Тайгак Таш |
| 27 | Эшмуратов Камил | Жаны Дыйкан | 42 | | | 42 | Үрүмбаш | Тайгак Таш |
| 28 | Молдалиев Табылды | Жоон Күнгөй | 127 | | | 127 | Үрүмбаш | Тайгак Таш |
| 29 | Нурахмедов Закир | Кара Чолок | 31 | | | 31 | Үрүмбаш | Шерден |
| 30 | Мамасадыков Максат | Жерге-Тал | | 225 | | 45 | Үрүмбаш | Кылычбай |
| 31 | Айтиев Шабдан | Жерге-Тал | 16 | | | 16 | Үрүмбаш | Кылычбай |
| 32 | Мусуратов Авазбек | Жерге-Тал | | 200 | | 40 | Үрүмбаш | Кылычбай |
| 33 | Каримбердиев Мирлан | Чангет | | 400 | | 80 | Үрүмбаш | Сасык Үңкүр |
| 34 | Матиев Мирбек | Кара-Дарыя | | 575 | | 115 | Үрүмбаш | Сары-Ой |
| **Жалпы малды саны:** | | | **2076** | **7887** | **13** | **3666** | | |
| 35 | Арыкбаев Абдуманан | Кара Чолок | | 600 | | 120 | Чоң Таш | Курбан |
| 36 | Кишенов Рустам | Таран Базар | 200 | | 150 | 350 | Чоң Таш | Ак Жар |
| 37 | Оморов Таалай | Саты | 11 | | 16 | 27 | Чоң Таш | Ак Жар |
| 38 | Камбаров Данияр | Таран Базар | 33 | | | 33 | Чоң Таш | Ак Жар |
| 39 | Кишенов Акылбек | Таран Базар | 64 | | | 64 | Чоң Таш | Ак Жар |
| 40 | Батырбеков Надырбек | Таран Базар | 14 | | | 14 | Чоң Таш | Ак Кыя |
| 41 | Кадыров Мирланбек | Таран Базар | 23 | | | 23 | Чоң Таш | Ак Кыя |
| 42 | Кочорбаев Арстанбек | Маркай | | 416 | | 83,2 | Чоң Таш | Тепши |
| 43 | Арыкбаев Мирлан | Кара Чолок | | 800 | | 160 | Чоң Таш | Тепши |
| 44 | Торожанов Тилек | Кара Чолок | 60 | | | 60 | Чоң Таш | Тепши |
| 45 | Арыкбаев Абдуманан | Кара Чолок | | 975 | | 195 | Чоң Таш | Тепши |
| 46 | Чекиров Белек | Таран Базар | 39 | | 12 | 51 | Чоң Таш | |
| 47 | Кунакунов Заир | Таран Базар | 41 | | 14 | 55 | Чоң Таш | |
| 48 | Арапбаев Алишер | Таран Базар | 31 | | 19 | 50 | Чоң Таш | |
| 49 | Салаев Таалай | Таран Базар | 40 | | 7 | 47 | Чоң Таш | Ак Кыя |
| 50 | Надырбеков Сагындык | Жалгыз-Жангак | 37 | 371 | | 111,2 | Чон-Таш | Чон-Таш |
| 51 | Сатаров Сатыбалды | Уч- Малай | | | 10 | 10 | Чон-Таш | Чон-Таш |
| 52 | Мусабаев Акмат | Жалгыз-Жангак | | | 27 | 27 | Чон-Таш | Чон-Таш |
| 53 | Айтиев Акылбек | Жерге-Тал | | 875 | | 175 | Чон-Таш | Чон-Таш |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 54 | Тагаев Руслан | Жалгыз-Жангак | 129 | | | 129 | Чон-Таш | Чон-Таш |
| 55 | Маматов Абдулла | Мазар-Булак | | | 20 | 20 | Чон-Таш | Чон-Таш |
| 56 | Айтбаев Абдимиталип | Мазар-Булак | | | 16 | 16 | Чон-Таш | Чон-Таш |
| 57 | Акматов Маматкадыр | Жерге-Тал | | | 10 | 10 | Чон-Таш | Чон-Таш |
| 58 | Исамидинов Мухидин | Жерге-Тал | 10 | | | 10 | Чоң Таш | Чон-Таш |
| 59 | Жумаев Арзыбек | Мазар-Булак | | 125 | | 25 | Чоң Таш | Чон-Таш |
| 60 | Абубакир уулу Шергазы | Жерге-Тал | 12 | | | 12 | Чоң Таш | Чон-Таш |
| 61 | Каримбаев Шайырбек | Жалгыз-Жангак | | 411 | | 82,2 | Чоң Таш | Чон-Таш |
| 62 | Жолдошев Орозбек | Жерге-Тал | 13 | | | 13 | Чоң Таш | Чон-Таш |
| | | **Малды саны:** | **757** | **4573** | **301** | **1973** | | |
| 63 | Камчыбеков Салимали | Таран Базар | 5 | | | 5 | Канжыга | |
| 64 | Ташматов Чолпонбек | Канжыга | | | 13 | 13 | Канжыга | |
| 65 | Темиров Илязбек | Канжыга | | | 13 | 13 | Канжыга | |
| 66 | Тагаев Нуркасым | Канжыга | 19 | | 12 | 31 | Канжыга | |
| 67 | Ибраимов Жуманазар | Канжыга | 24 | | 28 | 52 | Канжыга | |
| 68 | Түлкүбаев Тыныч | Канжыга | 16 | | 18 | 34 | Канжыга | |
| 69 | Бактияров Аскар | Канжыга | 32 | | 18 | 50 | Канжыга | |
| 70 | Ташматов Чолпонбек | Канжыга | 29 | | 21 | 50 | Канжыга | |
| | | **Малдын саны:** | **125** | **0** | **123** | **248** | | |
| 71 | Кунназаров Темиралы | Калмак Кырчын | | | 10 | 10 | Сары Булак | |
| 72 | Жанышбаев Каримбай | Калмак Кырчын | | | 10 | 10 | Сары Булак | |
| 73 | Уметалиев Кубаныч | Калмак Кырчын | | | 5 | 5 | Сары Булак | |
| 74 | Кенешбаев Акмат | Калмак Кырчын | 10 | | 17 | 27 | Сары Булак | |
| 75 | Абдукалилов Абдиазис | Сары Булак | | | 10 | 10 | Сары Булак | |
| 76 | Дженбаев Абдали | Калмак Кырчын | 10 | | | 10 | Сары Булак | |
| 77 | Абдубакир уулу Ш | Сары Булак | | | 12 | 12 | Сары Булак | |
| 78 | Акбашев Талант | Саты | 7 | | | 7 | Саты | |
| 79 | Эргешов Алмаз | Сары Булак | 12 | | 10 | 22 | Сары Булак | |
| 80 | Караев Абылкасым | Сары Булак | 8 | | 14 | 22 | Сары Булак | |
| 81 | Тажибаев Тыкы | Сары Булак | 9 | | 11 | 20 | Сары Булак | |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Жер ресурстарын инвентаризациялоо | Айыл чарба багытындагы жерлерди картага түшүрүү, инвентаризациялоо | АӨ жер адиси, айыл башчылар | 2025-2027-жылдар | Жерлердин аянтын жана абалын тактоо |
| 2 | Топурактын абалын баалоо | Топурактын түшүмдүүлүгүн жогорулатуу | Агрономдор, илимий институттар | 2025-2026-жылдар | Топурактын химиялык жана физикалык абалы боюнча сунуштар |
| 3 | Ирригация системаларын жакшыртуу | Суу ресурстарын натыйжалуу пайдалануу | Муниципалдык ишкана, фермерлер | 2025-2030-жылдар | Сугат системаларын жакшыртуу, суу чыгымын азайтуу |
| 4 | Эрозияга каршы иш-чаралар | Жерлердин сапатын жана түшүмдүүлүгүн сактоо | Экологдор, жергиликтүү тургундар | 2025-2027-жылдар | Жердин бузулуусун азайтуу жана түшүмдүүлүктү жогорулатуу |
| 5 | Айыл чарба техникаларын жаңылоо | Өндүрүмдүүлүктү жогорулатуу | Фермер кооперативдери | 2025-2028-жылдар | Айыл чарба өндүрүшүндө заманбап технологияларды колдонуу |
| 6 | Органикалык дыйканчылыкты жайылтуу | Химиялык заттарды колдонууну азайтуу | Экологдор, фермерлер | 2025-2030-жылдар | Органикалык продукциянын көлөмүн көбөйтүү |
| 7 | Жерди ижарага берүү шарттарын жакшыртуу | Ижарага алынган жерлерди натыйжалуу пайдалануу | Жергиликтүү бийлик | 2025-2027-жылдар | Айыл чарба жерлерин пайдаланууда так шарттар |
| 8 | Калкты окутуу жана маалымат берүү | Фермерлердин билим деңгээлин жогорулатуу | Билим берүү мекемелери, айыл чарба адистери | 2025-2030-жылдар | Жерди туура иштетүү боюнча жеткиликтүү маалыматтар |

### 4.4. Токой эмес жер ресурстарын башкаруу планы

Токой эмес жерлерди натыйжалуу жана туруктуу пайдалануу үчүн эрозияны алдын алуу жана бузулган жерлерди калыбына келтирүү, био ар түрдүүлүктү жана эко системалык тең салмактуулукту сактоо, суу ресурстарын натыйжалуу пайдалануу, экологиялык туруктуулукту камсыздоо багытында төмөндөгүдөй иш-аракеттер планынын негизинде аракеттенүүбүз керек.

*40-таблица. Токой эмес жер ресурстарын башкаруу планы*

| № | Иш-аракеттер | Максаты | Аткаруучулар | Мөөнөтү | Күткөн натыйжалар |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Жер ресурстарын инвентаризациялоо | Токой эмес жерлердин аянтын жана түрлөрүн тактоо | Токой чарба адистери | 2025-жыл | Токой эмес жерлердин картасын түзүү жана маалымат базасын жаңылоо |
| 2 | Эрозияга каршы иштер | Жердин бузулуусун алдын алуу | Экологдор, жергиликтүү тургундар | 2025-2026-жылдар | Жердин сапатын сактоо жана колдонуу мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу |
| 3 | Туризм үчүн жерлерди аныктоо | Туризмди экологиялык негизде өнүктүрүү | Токой чарба адистери | 2025-2028-жылдар | Инфраструктуранын экологияга минималдуу таасир этүүсүн камсыздоо |
| 4 | Жайыттарды башкаруу | Мал чарбачылыгы үчүн жайыт жерлердин абалын жакшыртуу | Токой чарба адистери, жайыт пайдалануучулар | 2025-2028-жылдар | Жайыттардын түшүмдүүлүгүн жана узак мөөнөттүк пайдалуулугун камсыздоо |
| 5 | Суу жана башка табигый ресурстарды коргоо | Ресурстарды туура башкаруу | Токой чарбасы | 2025-2030-жылдар | Суу ресурстарын натыйжалуу пайдалануу |
| 6 | Био ар түрдүүлүктү сактоо | Флора жана фаунаны коргоо | Токой чарба адистери, экологдор, биологдор | 2025-2028-жылдар | Токой эмес жерлерде жапайы жаратылыштын балансын сактоо |

### 4.5. Токой ресурстарын башкаруу планы

Токой ресурстарын туруктуу жана натыйжалуу пайдалануу аркылуу жаратылыштын эко системалык туруктуулугун жана биологиялык ар түрдүүлүктү камсыз кылуу менен климаттын өзгөрүүлөрүнө туруштук берүүнү камсыздоо негизги милдетибиз болуп эсептелет. Ал үчүн токойлорду сактоо жана коргоо, токой аянттарын калыбына келтирүү жана биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо багытында төмөндөгүдөй иш аракеттерди жүргүзүү керек.

*41-таблица. Токой ресурстарын башкаруу планы*

| № | Иш-аракеттер | Максаты | Аткаруучулар | Мөөнөтү | Күткөн натыйжалар |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Токой ресурстарын инвентаризациялоо | Токойлордун аянтын жана түрлөрүн тактоо | Токой чарбасы | 2025-жыл | Токой ресурстарынын жаңыланган маалымат базасы |
| 2 | Мыйзамсыз кыюуну токтотуу | Токойлорду коргоо жана жаратылышты сактоо | Токойчулар, укук коргоо органдары | 2025-2030-жылдар | Токойлордун мыйзамсыз кыйылышын минималдаштыруу |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 3 | Токой аянтын калыбына келтирүү | Кыйылган аймактарды жашылдандыруу | Токой чарбасы, волонтерлор | 2025-2030-жылдар | Калыбына келтирилген токой аянттары |
| 4 | Био ар түрдүүлүктү коргоо | Жапайы жаныбарлар жана өсүмдүктөрдү сактоо | Токой чарба адистери, экологдор, биологдор | 2025-2028-жылдар | Сейрек кездешкен түрлөрдүн популяциясын көбөйтүү |
| 5 | Токойлордо отунду натыйжалуу пайдалануу | Отун ресурстарын үнөмдүү пайдалануу | Токой чарбасы, калк | 2025-2027-жылдар | Токойлорго болгон басымды азайтуу |
| 6 | Токой ресурстарын башкаруу боюнча окутуу | Токой чарба адистеринин билим деңгээлин жогорулатуу | Окуу борборлору, эксперттер | 2025-2030-жылдар | Квалификациялуу адистердин санынын көбөйүшү |

**4.6. Суу ресурстарын пайдалануу планы**

Айыл чарбасынын негизги булагы – суу болуп эсептелет. Ошондуктан, сууга болгон муктаждыкты натыйжалуу башкаруу жана аны келечек муундар үчүн сактап калуу максатында төмөндөгү пландын негизинде иш алып баруубуз зарыл. Суу ресурстарын эффективдүү пайдалануу – бул экологиялык, экономикалык жана социалдык туруктуулукту камсыздоо менен суунун жетишсиздигин алдын алууга, эко системаларды сактоого жана калктын жашоо сапатын жогорулатууга багытталат.

*42-таблица. Суу ресурстарын пайдалануу планы*

| № | Иш-аракеттер | Максаты | Аткаруучулар | Мөөнөтү | Күткөн натыйжалар |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Суу ресурстарын инвентаризациялоо | Суу ресурстарынын көлөмүн жана абалын тактоо | Суу чарба департаменти, экологдор | 2025-жыл | Суу ресурстарынын жаңыланган маалымат базасы |
| 2 | Ирригация системаларын оңдоо жана модернизациялоо | Суу жеткирүү натыйжалуулугун жогорулатуу | Суу чарба департаменти, фермерлер | 2025-2028-жылдар | Суу чыгымын азайтуу жана эффективдүүлүктү жогорулатуу |
| 3 | Суу сактагычтарды жана дамбаларды оңдоо | Суу запасын сактоо жана башкаруу | Суу чарба департаменти | 2025-2028-жылдар | Суу сактагычтардын кубаттуулугун жогорулатуу |
| 4 | Сууну сарамжалдуу пайдалануу боюнча окутуу | Калкты суу ресурстарын үнөмдөө ыкмаларын үйрөтүү | Жергиликтүү бийлик, билим берүү мекемелери | 2025-2030-жылдар | Калктын сууну сарамжалдуу пайдалануу көндүмдөрү |
| 5 | Тамчылатып сугаруу системаларын жайылтуу | Айыл чарба сугатында суу чыгымын азайтуу | Агрономдор, фермерлер | 2025-2028-жылдар | Сугатка болгон суунун үнөмдүүлүгү |
| 6 | Суу булактарын булгануудан коргоо | Ичүүчү жана сугат суусунун сапатын жакшыртуу | Экологдор, жергиликтүү бийлик | 2025-2028-жылдар | Таза суу булактарын сактоо |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 7 | Климаттык өзгөрүүлөрдүн таасирин изилдөө | Суу ресурстарын башкаруудагы тобокелчиликтерди баалоо | Илимий изилдөө институттары | 2025-2030-жылдар | Климаттык өзгөрүүлөргө ылайыкташкан башкаруу планы |
| 8 | Экологиялык мониторинг жүргүзүү | Суунун сапатын жана көлөмүн туруктуу көзөмөлдөө | Экология министрлиги, суу чарба департаменти | 2025-2030-жылдар | Таза жана жетиштүү көлөмдөгү суу ресурстарын камсыздоо |

**4.7. Биологиялык ресурстарды башкаруу планы**

Биологиялык ресурстарды натыйжалуу башкаруу менен жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн сейрек кездешкен түрлөрүн коргоо аркылуу, **табигый жаратылышты сактоо менен** токойлор, жайыттар, суулар жана башка эко системаларды калыбына келтирүүгө багытталган төмөндөгү иш аракеттер жасалат.

*43-таблица. Биологиялык ресурстарды башкаруу планы*

| № | Иш-аракеттер | Максаты | Аткаруучулар | Мөөнөтү | Күткөн натыйжалар |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Биологиялык ресурстарды инвентаризациялоо | Сырткы эко системалардагы түрлөрдүн абалын баалоо | Экологдор, илимий мекемелер | 2025-2027-жылдар | Био ар түрдүүлүк боюнча жаңыланган маалыматтар |
| 2 | Табигый коруктарды жана аймактарды түзүү | Коруктар жана корголгон аймактарды көбөйтүү | Экология министрлиги, жергиликтүү бийлик | 2025-2028-жылдар | Коруктардагы био ар түрдүүлүктүн корголушу |
| 3 | Мыйзамсыз аңчылыкты жана балык уулоону токтотуу | Жаныбарлар жана өсүмдүктөрдү коргоо | Укук коргоо органдары, жергиликтүү бийлик | 2025-2030-жылдар | Мыйзамсыз иш-аракеттердин азайышы |
| 4 | Жаратылыш ресурстарын калыбына келтирүү | Бузулган эко системаларды калыбына келтирүү | Экологдор, активисттер | 2025-2030-жылдар | Жаратылыш ресурстарынын туруктуулугун жогорулатуу |
| 5 | Коомчулукту маалымдоо жана окутуу | Жаратылыш ресурстарын туура пайдаланууга үйрөтүү | Билим берүү мекемелери, ЖМК | 2025-2030-жылдар | Коомдун био ар түрдүүлүккө болгон жоопкерчилиги |
| 6 | Технологиялык инновацияларды колдонуу | Биологиялык ресурстарды көзөмөлдөө жана башкаруу | Илимий институттар, IT адистер | 2025-2030-жылдар | Ресурстарды башкаруунун натыйжалуулугун арттыруу |
| 7 | Био ар түрдүүлүктү изилдөө жана мониторинг жүргүзүү | Жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн абалын байкоо | Экологдор, изилдөөчүлөр | 2025-2030-жылдар | Популяциялардын динамикасы тууралуу туруктуу маалымат |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 8 | Айыл чарба менен биологиялык ресурстарды интеграциялоо | Талаа жана токой эко системаларынын гармониялуу башкарылышы | Фермерлер, токой чарбасы | 2025-2030-жылдар | Айыл чарба менен био ар түрдүүлүктүн тең салмактуулугу |
| 9 | Каржылоо жана ресурстарды мобилизациялоо | Башкаруу иштерин каржылык жактан камсыз кылуу | Өкмөт, эл аралык уюмдар | 2025-2030-жылдар | Туруктуу башкаруу үчүн жетиштүү каржылык булактар |

### 4.8. Мал чарбасын башкаруу планы

Мал чарбасы жергиликтүү тургундардын негизги киреше булагы болгондуктан, сандан сапатка өтүп, малдын асылдуулугун жакшыртуу менен малдан пайда табууга өтүү бүгүнкү күндүн негизги милдети болуп турат. Себеби, малдын асылдуулугун жогорулатуу менен малдын саны кыскарат жана жергиликтүү калктын киреше булагы жакшырат. Натыйжада, жайыттарга болгон ашыкча басым азайып, жайыттардын калыбына келүүсүнө өбөлгө түзүлөт. Ошондуктан, төмөндөгү иш-аракеттер планынын негизинде иш-чараларды түзүп, элдин ар бир катмарына жеткиликтүү иш алып баруубуз зарыл.

*44-таблица. Мал чарбасын башкаруу планы*

| № | Иш-аракеттер | Максаты | Аткаруучулар | Мөөнөтү | Күткөн натыйжалар |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Малдын санын жана сапатын инвентаризациялоо | Мал чарба ресурстарын баалоо жана маалымат топтоо | Ветеринарлар, жергиликтүү бийлик | 2025-жыл | Мал чарба ресурстарынын такталган маалыматтары |
| 2 | Малдын асылдуулугун жакшыртуу | Асыл тукум породаларды өнүктүрүү | Ветеринарлар, жергиликтүү бийлик | 2025-2028-жылдар | Өндүрүмдүүлүгү жогору асыл тукум малдар |
| 3 | Ветеринардык тейлөөнү жакшыртуу | Мал ооруларын алдын алуу жана дарылоо | Ветеринардык кызматтар | 2025-2030-жылдар | Малдын ооруларынын азайышы жана ден соолугу |
| 4 | Жайыттарды натыйжалуу пайдалануу | Малдын тоютун камсыздоо үчүн жайыттарды оптималдаштыруу | Жайыт комитеттери, фермерлер | 2025-2027-жылдар | Жайыттардын бузулуусун алдын алуу жана мал тоютунун туруктуулугу |
| 5 | Тоют өндүрүшүн көбөйтүү | Малдын азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу | Фермерлер, айыл чарба департаменти | 2025-2030-жылдар | Мал үчүн жетиштүү жана сапаттуу тоют базасы |
| 6 | Мал чарбасы боюнча билим берүүнү кеңейтүү | Фермерлерди заманбап технологиялар менен камсыздоо | Билим берүү мекемелери, тренингдер | 2025-2030-жылдар | Фермерлердин мал чарба жүргүзүүдөгү квалификациясынын өсүшү |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 7 | Өндүрүш жана рынок байланышын түзүү | Мал чарба продукциясын натыйжалуу сатуу | Өкмөт, жеке сектор | 2025-2028-жылдар | Мал чарба продукциясынын рынокко жеткиликтүүлүгү жана баасынын жогорулашы |
| 8 | Суу ресурстарын оптималдуу пайдалануу | Малдын ичүүчү суу менен камсыздалышын жакшыртуу | Жергиликтүү бийлик, фермерлер | 2025-жыл | Малдын сууга жеткиликтүүлүгүн камсыздоо |
| 9 | Каржылоо жана субсидияларды киргизүү | Мал чарбасын өнүктүрүүгө каржылык колдоо көрсөтүү | Өкмөт, эл аралык уюмдар | 2025-2030-жылдар | Мал чарбасын өнүктүрүүгө жетиштүү каржылык ресурстар |

**4.9. Жаратылыш ресурстарын комплекстүү башкаруунун иш аракеттер планы**

Жаратылыш ресурстарын комплекстүү башкаруунун иш-аракеттер планы – табигый ресурстарды, экосистемаларды, айыл чарба жана токой чарбачылыгын, ошондой эле жергиликтүү жамааттарды камтыган туруктуу, натыйжалуу жана адилеттүү башкарууну камсыздоого багытталган.

*45-таблица. Иш аракеттер планы*

| Иш аракеттер | иш-чаралар | күтүлгөн натыйжалар | мөөнөтү | жооптуу |
|---|---|---|---|---|
| ***Айыл чарба багытындагы жер ресурстарын башкаруу боюнча иш аракеттер планы*** | | | | |
| Жер ресурстарын инвентаризациялоо | 1. Жер ресурстарын каттоо жана картографиялоо<br>2. Жердин түрлөрүн классификациялоо<br>3. Жайыттардын абалын баалоо жана инвентаризациялоо<br>4. Жер пайдалануу боюнча укуктук статусун текшерүү<br>5. Инвентаризациянын жыйынтыгы боюнча отчет түзүү жана маалымат базасын жаңылоо | 1.Жердин жайгашкан орду, түрлөрү жана өлчөмү такталат.<br>2.Айыл чарба, жайыт, токой жана башка категориялар боюнча бөлүштүрүлөт.<br>3.Мал жаюу үчүн жарактуу жайыттарды аныкталат.<br>4.Жердин мыйзамдуу ээси жана колдонуу максаттары аныкталат.<br>5. Инвентаризациянын жыйынтыгы боюнча отчет түзүлүп жана маалымат базасы жаңыланат. | 2025-2027-жылдар | АӨ жер адиси, айыл башчылар |
| Топурактын абалын баалоо | 1. Топурактын физикалык, химиялык курамын анализдөө<br>2. Айыл чарба жерлеринин деградация деңгээлин аныктоо | 1.Топурактын химиялык жана физикалык абалын аныкталат.<br>2.Интенсивдүү колдонуудагы жерлердин абалын бааланат. | 2025-2026-жылдар | АӨ жер адиси, айыл башчылар |
| Ирригация системаларын жакшыртуу | 1. Ирригациялык инфраструктуранын абалын баалоо<br>2. Каналдарды жана арыктарды оңдоо жана жаңылоо<br>3. Автоматташтырылган суу бөлүштүрүү системаларын куруу<br>4. Тамчылатып сугаруу технологияларын колдонуу<br>5. Суу сактагычтарды жана резервуарларды куруу же оңдоо<br>6. Суу пайдалануу төлөмдөрүн аныктоо | 1. Суу каналдагы жана арыктагы деффекттер аныкталат.<br>2. Сууну жоготууга жол бербөө жана агымдардын туруктуулугу камсыз кылынат.<br>3. Суунун бирдей жана эффективдүү бөлүштүрүлүшү камсыз кылынат.<br>4. Суу үнөмдөлүп пайдаланылат.<br><br>5. Сууну сактап жана үзгүлтүксүз жеткиликтүүлүгүн камсыздалат.<br>6. Суу пайдалануу төлөмдөрү аныкталат | 2025-2030-жылдар | Муниципалдык ишкана, фермерлер |
| Эрозияга каршы иш-чаралар | 1. Селге каршы тосмолорду куруу<br>2. Токойлорду жана бадалдарды эгүү | 1. Суу ташкындарын жана селдин агымын азайтат | 2025-2027-жылдар | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | 3. Шамал тосмо тилкелерин түзүү | 2. Табигый өсүмдүктөрдү сактап, топурактын бекемдигин камсыз кылат<br>3. Шамалдын күчүн азайтып, эрозияны алдын алат | | |
| Айыл чарба техникаларын жаңылоо | 1. Айдап себүү техникаларын сатып алуу<br>2. Оруп жыйноо техникаларын сатып алуу<br>3. Үрөн даярдоочу техникаларды сатып алуу | 1. Жердин эффективдүүлүгү жогорулайт<br>2. Эгиндерди коромжусуз жыюуга шарт түзүлөт<br>3. Сапаттуу үрөн камдоого шарт түзүлөт | 2025-2028-жылдар | |
| Органикалык дыйканчылыкты жайылтуу | 1. Органикалык жер семирткичтерди (компост, гумус) өндүрүүнү колго алуу<br>2. Табигый пестициддерди жана биоагенттерди колдонуу<br>3. Органикалык үрөндөрдү жана туруктуу сортторду колдонуу<br>4. Органикалык дыйканчылык боюнча фермерлерди окутуу<br>5. Коомчулукка органикалык азыктардын экологиялык жана ден соолукка пайдалуулугун жеткирүү<br>6. Органикалык чарбалар үчүн гранттарды жана субсидияларды берүү<br>7. Сатуу үчүн логистикалык борборлорду уюштуруу<br>8. Жергиликтүү жана эл аралык рынокторго чыгуу үчүн сертификациялык колдоо | 1. Топурактын асылдуулугу жана түшүмдүүлүгү жогорулайт<br>2. Айлана-чөйрөгө жана ден соолукка зыян келтирбеген өсүмдүктөр өстүрүлөт<br>3. Органикалык стандарттарга шайкеш жогорку түшүмдүү өсүмдүктөрдү өндүрүлөт<br>4. Фермерлердин органикалык стандарттар тууралуу маалымдуулугу жогорулайт<br>5. Органикалык азыктарга суроо-талап жогорулайт<br>6. Фермерлердин органикалык өндүрүшкө өтүүсүнө стимул болот<br>7. Органикалык продукциянын рынокко жеткиликтүүлүгү жогорулайт<br>8. Органикалык азыктардын экспорттук мүмкүнчүлүктөрү кеңейет | 2025-2030-жылдар | |
| Жерди ижарага берүү шарттарын жакшыртуу | 1. Жерди ижарага берүү жол жоболорун кайра карап чыгуу<br>2. Ижарага берүү процессин жөнөкөйлөтүү үчүн санариптик инструменттерди киргизүү<br>3. Ижарага берүү шарттарын жалпыга жеткиликтүү кылуу<br>4. Ижарага берилүүчү жерлердин реестрин түзүү жана коомчулукка жеткиликтүү кылуу<br>5. Ижара акысын жердин сапатына жана жайгашкан жерине жараша градациялоо | 1. Ижарага берүү шарттары такталып, айкындуулук камсыздалат<br>2. Жерди ижарага берүү боюнча ачык айкындуулук камсыз кылынат<br>3. Ижарага берүүдө коррупциялык тобокелдиктер азаят<br>4. Жерди ижарага берүүдө маалыматтын ачыктыгы камсыз кылынат<br>5. Жердин сапатына жана жайгашкан жерине жараша адилеттүү ижара акысын түзүлөт | 2025-2027-жылдар | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | 6. Ижарага алынган жерди узак мөөнөткө пайдалануу шарттарын жакшыртуу<br>7. Жерди ижарага берүү боюнча аймактык мониторинг системаларын киргизүү<br>8. Топурактын асылдуулугун сактоо жана калыбына келтирүү боюнча милдеттенмелерди ижара келишимине киргизүү<br>9. Кичи чарбалардын жерди биргелешип пайдалануу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү<br>10.Кооперативдер жана фермердик чарбалар үчүн атайын ижара шарттарын түзүү | 6. Фермерлердин жерге болгон инвестициялык кызыкчылыгы жогорулайт<br>7. Ижарага берилген жерлердин туура пайдаланылышы көзөмөлдөнүп турулат<br>8. Жердин деградациясын алдын алуу боюнча агротехникалык талаптарды сактоого мүмкүнчүлүк түзүлөт<br>9. Биргелешкен фермердик чарбалардын түзүлүүсүн камсыздайт жана жерди натыйжалуу пайдаланылышын жогорулатат<br>10. Кооперативдердин жана фермердик чарбалардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулайт | | |
| Калкты окутуу жана маалымат берүү | 1. Жер ресурстарын эффективдүү башкаруу боюнча тренингдерди уюштуруу<br>2. Органикалык дыйканчылык, айланма эгүү жана топуракты коргоо ыкмаларын үйрөтүү<br>3. Айыл чарба технологияларын натыйжалуу колдонуу боюнча практикалык сабактар<br>4. Фермерлер үчүн тажрыйба алмашуу семинарларын уюштуруу<br>5. Айыл чарба жерлерин башкаруу боюнча мобилдик тиркемелерди жана онлайн платформаларды иштеп чыгуу<br>6. Сууну үнөмдөөчү технологиялар жана сугат системаларын туура пайдалануу боюнча окутуу<br>7. Окутуу иш-чараларынын натыйжалуулугуна мониторинг кылуу<br>8. Иш-чараларга катышуучулардын пикирлерин чогултуу жана анализдөө | 1. Фермерлердин жерди туура пайдалануу боюнча билим деңгээли жогорулайт<br>2. Топурактын асылдуулугун сактоого жана түшүмдүүлүктү жогорулатууга шарт түзүлөт<br>3. Айыл чарба өндүрүшүндөгү заманбап технологияларды колдонууга түрткү берет<br>4. Калктын өз ара тажрыйба алмашуусу камсыздалат<br>5. Фермерлерге жана калкка айыл чарбасы тармагындагы маалыматка тез жетүү мүмкүнчүлүгү түзүлөт<br>6. Суу ресурстарын эффективдүү жана жаңы технологиялар менен пайдалануу боюнча билимдер берилет<br>7. Иш-чаралардын эффективдүүлүгү бааланат жана жакшыртуу боюнча иш-пландар түзүлөт<br>8. Окутуу программалары муктаждыктарга жараша жаңыртылып турулат | 2025-2030-жылдар | |
| ***Токой эмес жер ресурстарын башкаруу боюнча иш аракеттер планы*** | | | | |
| Жер ресурстарын инвентаризациялоо | 1.Жер ресурстарын каттоо жана картографиялоо<br><br>2.Жердин түрлөрүн классификациялоо | 1.Жердин жайгашкан орду, түрлөрү жана өлчөмү такталат. | 2025-жыл | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | 3.Жайыттардын абалын баалоо жана инвентаризациялоо<br>4.Жер пайдалануу боюнча укуктук статусун текшерүү<br>5.Инвентаризациянын жыйынтыгы боюнча отчет түзүү жана маалымат базасын жаңылоо | 2.Айыл чарба, жайыт, токой жана башка категориялар боюнча бөлүштүрүлөт.<br>3.Мал жаюу үчүн жарактуу жайыттарды аныкталат.<br>4.Жердин мыйзамдуу ээси жана колдонуу максаттары аныкталат.<br>5. Инвентаризациянын жыйынтыгы боюнча отчет түзүлүп жана маалымат базасы жаңыланат. | | |
| Эрозияга каршы иштер | 1.Селге каршы тосмолорду куруу<br>2.Шамал тосмо тилкелерин түзүү | 1.Суу ташкындарын жана селдин агымын азайтат<br>2.Шамалдын күчүн азайтып, эрозияны алдын алат | 2025-2028-жылдар | |
| Туризм үчүн жерлерди аныктоо | 1. Туризм үчүн ылайыктуу жерлерди аныктоо (жаратылыш кооз жерлери, тарыхый жана маданий жайлар)<br>2. Туризм үчүн ылайыктуу жерлердин карталарын түзүү (ГИС жана санариптик карталар колдонуу)<br>3. Туризм үчүн ылайыктуу жерлерде инфратүзүмдүн бардыгын (жолдор, отелдер, эс алуу жайлары, туризмге байланыштуу объекттер) баалоо<br>4. Жергиликтүү калк менен кызматташып, туризм үчүн мүмкүнчүлүктөрдү түзүү<br>5. Туризм үчүн жерлердин мүмкүнчүлүктөрүн коомчулукка жана туристтерге жеткирүү үчүн жарнама жана маалымат кампанияларын жүргүзүү<br>6. Туризм үчүн жерлердин пайдаланылышын жана абалын үзгүлтүксүз мониторинг кылуу | 1. Туризм үчүн мүмкүнчүлүктөрү бар жаратылышы кооз жерлер, тарыхый жана маданий жайлар аныкталат<br>2. Туризм объектилери ГИС жана санариптик карталарда так жана ачык чагылдырылат<br>3. Туризм үчүн ылайыктуу жерлерди инфратүзүм (жолдор, отелдер, эс алуу жайлары, туризмге байланыштуу объекттер) менен камсыздоо үчүн шарттар түзүлөт<br>4. Жергиликтүү коомчулукту туризмди өнүктүрүүгө тартылып, кызматташтыкта иш алынып барылат<br>5. Туризмге ылайыктуу жерлердин популярдуулугун арттыруу менен туризм тармагында маалыматтын жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу<br>6. Туризмди туруктуу өнүктүрүүнүн багыттары аныкталат | 2025-2028-жылдар | |
| Жайыттарды башкаруу | 1.Жайыттардын аянтын, сапатын жана абалын баалоо<br>2.Жайыттарды пайдалануу боюнча узак мөөнөттүү пландарды түзүү<br>3.Жайыттарды туура пайдалануу боюнча эрежелерди бекитүү | 1. Жайыттардын абалы тууралуу так маалымат чогултулат<br>2. Жайыттарды натыйжалуу жана туруктуу пайдалануу үчүн стратегияларды иштеп чыгылат<br>3. Жайыттардын сыйымдуулугун сактоо жана ашыкча жүк менен пайдалануу алдын алынат | 2025-2028-жылдар | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | 4. Жайыттарды натыйжалуу пайдалануу үчүн жергиликтүү коомчулук менен биргеликте иш-чараларды өткөрүү<br>5. Жайыттарды пайдалануунун натыйжалуулугун жана абалын көзөмөлдөө жана баалоо | 4. Жергиликтүү калкка жайыттарды сактоо жана туура пайдалануу боюнча билим берүү аркылуу эко системасы жакшырат<br>5. Жайыттарды пайдалануу боюнча мониторинг жүргүзүлөт жана натыйжалуу башкаруу чечимдери кабыл алынат | | |
| Суу жана башка табигый ресурстарды коргоо | 1. Суу ресурстарын туруктуу пайдалануу үчүн стратегияларды түзүү<br>2. Суу ресурстарын башкаруу боюнча жергиликтүү калкка түшүндүрүү иш-чараларын жүргүзүү<br>3. Табигый эко системаларды коргоо жана туруктуулугун камсыздоо<br>4. Климатка ылайыкташтырылган жер ресурстарын жана суу пайдалануусун уюштуруу | 1. Суу ресурстарын туруктуу пайдаланууга жетишүү үчүн чаралар көрүлөт<br>2. Калктын суу ресурстарын башкаруу жана үнөмдүү пайдалануу боюнча маалымдуулугу жогорулайт<br>3. Биологиялык ар түрдүүлүктү сакталып, жоголуп кетүү коркунучу бар түрдөгү жаныбарлар корголот<br>4. Климаттык кырдаалга ылайык жер жана суу ресурстарын башкаруу жолго коюлат | 2025-2030-жылдар | |
| Био ар түрдүүлүктү сактоо | 1. Табигый коруктар жана жаратылыш коруктарын түзүү жана кеңейтүү<br>2. Табигый байлыктарды жана жаныбарларды коргоо боюнча иш-чараларды уюштуруу<br>3. Табигый эко системалардын абалы боюнча үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүү<br>4. Жергиликтүү коомчулукту био ар түрдүүлүктү сактоо боюнча окутуу жана билим берүү иш-чараларын өткөрүү | 1. Биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо үчүн табигый эко системалар корголот<br>2. Жоголуп кетүү коркунучу бар түрдөгү табигый байлыктар сакталат жана жаныбарлар коргоого алынат<br>3. Биологиялык ар түрдүүлүктү көзөмөлдөө жана сактоо чаралары иштеп чыгылат<br>4. Жергиликтүү калк био ар түрдүүлүктү сактоо боюнча маалымдуулугу жогорулайт | 2025-2028-жылдар | |
| ***Токой ресурстарын башкаруу боюнча иш аракеттер планы*** | | | | |
| Токой ресурстарын инвентаризациялоо | 1. Токойлордун аянтын жана түрлөрүн аныктоо жана картага түшүрүү<br>2. Токой түрлөрүн классификациялоо жана экологиялык абалын баалоо<br>3. Токойлордун ден соолугун жана экосистеманын абалын баалоо<br>4. Токойлорду башкаруу үчүн керектүү маалыматты электрондук базада топтоо | 1. Токой аянты жана түрлөрү боюнча маалыматтар такталып, картага түшүрүлөт<br>2. Токойлордун экологиялык абалы жана түрлөрү жөнүндө маалыматтар такталат<br>3. Токойлордун экологиялык абалы жана ден соолугу бааланат<br>4. Токойлорду башкаруу процесси автоматташтырылат | 2025-жыл | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Мыйзамсыз кыюуну токтотуу | 1. Токойду мыйзамсыз кыюуну алдын алуу үчүн өзгөчө аймактарга көзөмөл жүргүзүү<br>2. Токойду мыйзамсыз кыюунун экологиялык таасирлери боюнча маалымат кампанияларды жүргүзүү<br>3. Мыйзамсыз кыюунун алдын алуу үчүн автоматташтырылган көзөмөл системаларын киргизүү | 1. Мыйзамсыз кыюуну аныктоо жана алдын алуу үчүн натыйжалуу көзөмөл системасын түзүлөт<br>2. Жергиликтүү калк арасында токойлорду коргоо боюнча маалымдуулук жогорулайт<br>3. Токойлорду мониторинг жана көзөмөлдөө боюнча заманбап жана эффективдүү ыкмалар иштелип чыгылат | 2025-2030-жылдар | |
| Токой аянтын калыбына келтирүү | 1. Токойлор кыйылган аймактарда токойду калыбына келтирүү | 1. Токой түрлөрүн жана алардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен токойлор эгилет | 2025-2030-жылдар | |
| Био ар түрдүүлүктү коргоо | 1. Токойлордун экологиялык абалын жана түрлөрүн тактоо жана баалоо<br>2. Жергиликтүү калкка био ар түрдүүлүккө залал келтирбөө үчүн экологиялык билим берүү жана тренингдер өткөрүү<br>3. Мыйзамсыз аңчылыкка, токойлорду кыюуга жана башка экосистемаларды бузууга каршы күрөшүү<br>4. Токойлордо өрт жана башка табигый кырсыктарды алдын алуу боюнча чараларды иштеп чыгуу<br>5. Экосистеманын абалын жана био ар түрдүүлүктү үзгүлтүксүз баалоо жана аныктоо | 1. Токойлордун экологиялык абалы жана түлөрү такталып, аларга баалоо жүргүзүлөт<br>2. Жергиликтүү калк арасында био ар түрдүүлүктү коргоо боюнча маалыматты кеңейтүү<br>3. Мыйзамсыз аңчылык жана токойлорду кыюу сыяктуу био ар түрдүүлүккө зыян келтирген аракеттер азаят<br>4. Био ар түрдүүлүктү сактоо үчүн табигый кырсыктарга каршы күрөшүү иш чаралары жүргүзүлөт<br>5. Экосистеманын абалы жана био ар түрдүүлүк үзгүлтүксүз бааланып жана аныкталып турулат | 2025-2028-жылдар | |
| Токойлордо отунду натыйжалуу пайдалануу | 1. Отунду ресурстарын натыйжалуу пайдалануу үчүн атайын белгиленген аймактарды түзүү менен квоталарды жана чектөөлөрдү киргизүү<br>2. Күн энергиясы, биогаз жана башка экологиялык энергия булактарын пайдаланууну жайылтуу<br>3. Отун жыйналган аймактарда токойду калыбына келтирүү иштерин жүргүзүү | 1. Токойлордо отунду мыйзамдуу пайдалануу шарттары жакшырат<br>2. Токой отундарына болгон муктаждык азаят<br>3. Отун жыйналган токой аянттарын калыбына келтирүү иштери жүргүзүлөт | 2025-2027-жылдар | |
| ***Суу ресурстарын пайдалануу боюнча иш аракеттер планы*** | | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Суу ресурстарын инвентаризациялоо | 1. Суу булактарынын толук тизмесин түзүү (булактар, көлдөр, дарыялар, жер астындагы суулар)<br>2. Суу пайдалануучулардын категорияларын тактоо (турмуш-тиричилик, айыл чарба, өнөр жай ж.б.)<br>3. Жаңылануууга же оңдоого муктаж болгон объектилерди аныктоо<br>4. Суу ресурстарын натыйжалуу башкаруу үчүн пландарды жана стратегияларды иштеп чыгуу | 1. Суу ресурстарынын сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрү тууралуу маалыматтар чогултулат<br><br>2. Суу пайдалануучу секторлордун так структурасы түзүлөт.<br>3. Жаңылануууга же оңдоого муктаж болгон объектилердин тизмеси такталат. Жана аларга кетүүчү чыгымдар аныкталат<br>4. Суу ресурстарын рационалдуу пайдалануу планы жана стратегиялары иштелип чыгылат. | 2025-жыл | |
| Ирригация системаларын оңдоо жана модернизациялоо | 1.Ирригациялык инфраструктуранын абалын баалоо<br>2. Каналдарды жана арыктарды оңдоо жана жаңылоо<br>3.Автоматташтырылган суу бөлүштүрүү системаларын куруу<br>4.Тамчылатып сугаруу технологияларын колдонуу<br>5.Суу сактагычтарды жана резервуарларды куруу же оңдоо<br>6.Суу пайдалануу төлөмдөрүн аныктоо | 1.Суу каналдагы жана арыктагы деффекттер аныкталат.<br>2.Сууну жоготууга жол бербөө жана агымдардын туруктуулугу камсыз кылынат.<br>3.Суунун бирдей жана эффективдүү бөлүштүрүлүшү камсыз кылынат.<br>4.Суу үнөмдөлүп пайдаланылат.<br><br>5.Сууну сактап жана үзгүлтүксүз жеткиликтүүлүгүн камсыздалат.<br>6.Суу пайдалануу төлөмдөрү аныкталат | 2025-2028-жылдар | |
| ***Мал чарбасын башкаруу боюнча иш аракеттер планы*** | | | | |
| Малдын санын жана сапатын инвентаризациялоо | 1. Ар бир фермердик жана жеке чарбадагы малдын түрлөрүн жана санын каттоо | 1.Ар бир фермердик жана жеке чарбадагы малдын түрү, породасы боюнча саны такталат | 2025-жыл | |
| Малдын асылдуулугун жакшыртуу | 1. Малдардын генетикалык сапатын жакшыртуу үчүн өндүрүмдүүлүгү жогору асыл тукум малдарды көбөйтүү<br>2. Жасалма уруктандыруу технологиясын колдонуу<br>3. Фермерлерди асыл тукум мал багуу жана селекция боюнча окутуу | 1. Өндүрүмдүүлүгү жогору асыл тукум малдардын санын көбөйтүү менен малдардын генетикалык сапаты жакшырат<br>2.Өндүрүмдүүлүк жана асылдуулук көрсөткүчтөрү жакшырат<br>3.Мал чарбачылыгындагы билим жана көндүмдөр жакшырат | 2025-2028-жылдар | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | 4. Асыл тукум фермерлер жана заводдор менен кызматташуу | 4.Асылдандыруу программалары натыйжалуу жана масштабдуу ишке ашырылат | | |
| Ветеринардык тейлөөнү жакшыртуу | 1. Ветеринардык пункттардын санын көбөйтүү жана аларды заманбап жабдуулар менен камсыз кылуу<br>2. Ветеринардык адистер үчүн үзгүлтүксүз квалификацияны жогорулатуу боюнча курстарды уюштуруу<br>3. Малдын ооруларын алдын алуу үчүн бардык эмдөөлөрдү жана профилактикалык иш-чараларды жүргүзүү<br>4. Фермерлер үчүн малды туура багуу жана ветеринардык тейлөө боюнча семинарларды уюштуруу | 1.Ветеринардык тейлөө кызматынын жеткиликтүүлүгү жакшырат жана сапаты жогорулайт<br>2.Ветеринарлардын билими жана тажрыйбалары замандын талабына ылайык жакшыртылат<br><br>3. Малдын ден соолугу жакшырат жана өндүрүмдүүлүгү жогорулайт. Эмдөөлөр жана профилактикалык иш-чаралар убагында жүргүзүлөт<br>4. Фермерлердин малды туура багуу жана ветеринардык тейлөөгө болгон түшүнүгү жана ишеними жогорулайт | 2025-2030-жылдар | |
| Жайыттарды натыйжалуу пайдалануу | 1. Жайыттардын абалын баалоо жана инвентаризация жүргүзүү<br>2. Малдын санына жараша жайыттарды туура бөлүштүрүү<br>3. Жайыттарды пайдалануу үчүн адилеттүү жана так эрежелерди киргизүү | 1. Жайыттардын абалы тууралуу маалыматтар такталат<br>2. Жайыттардын деградация болуусун алдын алат<br><br>3. Жайыттарды белгиленген жалпы эреже менен башкарууга жетишүү | 2025-2027-жылдар | |
| Тоют менен камсыздоо | 1. Жогорку түшүмдүү жана азыктык баалуулугу жогору тоют өсүмдүктөрүнүн түрлөрүн эгүү | 1. Колдо багуу мезгилинде жетиштүү тоют менен камсыздоо | 2025-2030-жылдар | |

### 4.10. Иш чаралар жана инвестициялар. Перспективдүү план

Жаратылыш ресурстарын комплекстүү башкаруу жана климаттын өзгөрүүсүнө туруктуулук планын ишке ашыруу максатында, төмөндөгү перспективдүү план түзүлдү. Перспективдүү планда CS-FOR долбоору жана башка булактар тарабынан каржылануучу кичидолбоорлор ишке ашырылат.

*46-таблица. Перспективдүү план.*

| № | Кичидолбоордун аталышы | Жайгашкан жери | Мөөнөтү | сумма, миң.сом | Каржылоо булагы, миң.сом | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | МИ | Башка булактар (ӨФ, ОКӨФ, долбоор) | Башка (демөөрчү, жамаат) |
| **1.Токойлорду жана жайыттарды башкаруу жана пайдалануу** | | | | | | | |
| 1 | Токойлорду калыбына келтирүү | Кара-Алма | 2025-ж | 6 700,0 | 0 | 1 700,0 | 5 000,0 |
| 2 | Токойлорду жана жайыттарды дарылоо үчүн дрон сатып алуу | Таран-Базар | 2025-ж | 1 500,0 | 0 | 1 500,0 | 0 |
| 3 | Бал чарбасын өнүктүрүү | Канжыга, Кара-Алма | 2026-ж | 1 000,0 | 0 | 1 000,0 | 0 |
| 4 | Жасалма мөңгүлөрдү уюштуруу | Үрүмбаш | 2027-ж | 2 000,0 | 0 | 0 | 2 000,0 |
| **2.Ветеринардык жана жайыт инфраструктурасын жакшыртуу** | | | | | | | |
| 1 | Мал суу ичүүчү жайларды куруу | Үрүмбаш | 2030-ж | 1 500,0 | 1 500,0 | 0 | 0 |
| 2 | Яма Беккари куруу | Жалгыз Жаңгак | 2027-ж | 1 500,0 | 0 | 1 500,0 | 0 |
| 3 | Ветеринардык сервис куруу | Жерге Тал | 2028-ж | 2 000,0 | 0 | 2 000,0 | 0 |
| 4 | Жуут пунктун куруу | Таран-Базар | 2028-ж | 4 000,0 | 2 000,0 | 0 | 2 000,0 |
| 5 | Жайыт жолдорун калыбына келтирүү | Чоң Таш | 2027-ж | 1 800,0 | 1 800,0 | 0 | 0 |
| 6 | Жайыт көпүрөлөрүн калыбына келтирүү | Капка | 2025-ж | 500,0 | 500,0 | 0 | 0 |
| 7 | Мал союучу жай куруу | Жерге Тал | 2029-ж | 2 000,0 | 2 000,0 | 0 | 0 |
| **3.Малдын асылдуулугун жана тоют базасын жакшыртуу** | | | | | | | |
| 1 | Мобилдик куут пунктун уюштуруу | Таран-Базар | 2025-ж | 2 212,2 | 1 212,2 | 1 000,0 | 0 |
| 2 | Айыл чарба техникаларын сатып алуу | Жерге Тал | 2026-ж | 5 500,0 | 0 | 5 500,0 | 0 |
| 3 | Тоют даярдоочу жабдууларды сатып алуу | Жерге Тал | 2026-ж | 2 000,0 | 2 000,0 | 0 | 0 |
| | **Бардыгы:** | | | **34 212,2** | **11 012,2** | **14 200,0** | **9 000,0** |

## 5-БӨЛҮМ. КИРЕШЕ АЛЫП КЕЛҮҮЧҮ ИШ-АРАКЕТТЕРДИН АБАЛЫ ЖАНА ӨНҮГҮҮСҮ

### 5.1. Аялдар үчүн шарттарды жана мүмкүнчүлүктөрдү жакшыртууну эске алуу менен кошумча нарк чынжырларын түзүү потенциалын талдоо

Айылдык аймакта аялдар үчүн шарттарды жана мүмкүнчүлүктөрдү жакшыртууну эске алуу менен кошумча нарк чынжырларын түзүү потенциалын төмөндөгүдөй багыттар боюнча талдоо жүргүзүп алабыз. Төмөндө аныкталган багыттар боюнча иш-чараларды аткарсак, анда жергиликтүү экономика жанданып жана кирешенин өсүшү менен элдин жашоо турмушу жакшы жакка багытталат. Ошондой эле, гендердик теңдикке жетүү менен аялдардын экономикалык жана социалдык чөйрөдөгү ролу жогорулайт.

*47-таблица. Кошумча нарк чынжырларын түзүү потенциалы*

| Багыттар | Иш-чаралар | Күткөн натыйжалар |
|---|---|---|
| **Экономикалык мүмкүнчүлүктөр** | Аялдарды каржылык ресурстарга жеткирүү (микрокредиттер, гранттар). | Аялдардын ишкердүүлүккө тартылышы көбөйөт. |
| | Кесиптик билим берүү жана тренингдерди уюштуруу. | Аялдардын кесиптик жөндөмдөрү жогорулайт. |
| | Жергиликтүү ресурстарды аялдарга жеткиликтүү кылуу. | Ресурстарды сарамжалдуу пайдалануу камсыздалат. |
| **Социалдык шарттарды жакшыртуу** | Гендердик тоскоолдуктарды жоюу жана маалымдуулук кампанияларын уюштуруу. | Коомдо гендердик теңчилик камсыздалат. |
| | Аялдар үчүн коопсуз жана ыңгайлуу жумуш шарттарын түзүү. | Аялдардын активдүүлүгү жогорулайт. |
| | Продукцияларды рынокко жеткирүүгө жардам берүү (логистика жана маркетинг). | Продукциялардын сатылышы көбөйөт. |
| **Тармактардагы потенциал** | **Айыл чарба:** | |
| | Продукцияларды кайра иштетүү (жемиш кургатуу, шире чыгаруу ж.б.). | Кошумча нарк жогорулап, киреше көбөйөт. |
| | Кооперативдерди түзүү жана аялдарды ага тартуу. | Коллективдүү ишмердүүлүк аркылуу экономикалык пайда көбөйөт. |
| | **Кол өнөрчүлүк:** | |
| | Салттуу жана экологиялык таза өнүмдөрдү өндүрүү (токуу, тигүү, зергерчилик). | Экспорттук потенциал артат, киреше көбөйөт. |
| | **Экологиялык жана экотуризм:** | |
| | Аялдарды экотуризмге тартуу (гиддик кызматтар, тамак-аш даярдоо). | Жергиликтүү туризмден түшкөн киреше көбөйөт. |
| **Каржылык колдоо** | Аялдар үчүн жеңилдетилген кредиттерди жана гранттарды берүү. | Финансылык ресурстарга жеткиликтүүлүк жогорулайт. |
| | Финансылык сабаттуулукту жогорулатуу боюнча тренингдер. | Аялдардын каржылык башкаруу жөндөмү жогорулайт. |
| **Инфраструктураны жакшыртуу** | Ишкер аялдар үчүн ресурстук борборлорду түзүү. | Аялдардын ишкердикти өнүктүрүү мүмкүнчүлүгү кеңейет. |
| | Продукцияларды өндүрүү жана сактоо үчүн жабдууларды камсыздоо. | Өндүрүштүн натыйжалуулугу жогорулайт. |

Айылдык аймакта кошумча нарк чынжырларын түзүүдө төмөндөгүдөй негизги ресурстарды колдонуу менен тоскоолдуктарды жана өнүктүрүү үчүн мүмкүнчүлүктөрдү талдап алабыз.

*48-таблица. ААнын кошумча нарк чынжырларын түзүүдө негизги ресурстары*

| Негизги ресурстар | Учурдагы нарк чынжырлары | Тоскоолдуктар | Өнүктүрүү үчүн мүмкүнчүлүктөр |
|---|---|---|---|
| **Токой ресурстары** | Мөмө жемиш кургатуу, кайра иштетүү | ✓ Ички жана сырткы рынокко чыгууга билим, тажрыйбанын жетишсиздиги<br>✓ Тиешелүү жабдуулардын жоктугу | ✓ Табигый сырьенун жеткиликтүүлүгү<br>✓ Эмгек ресурсунун жеткиликтүүлүгү |
| **Суу ресурстары** | Балык чарбасы | ✓ Сел жүрүү менен көлмөлөрдү бузуп кетүү коркунучу | ✓ Рынокко жогорку сапаттагы продукция чыгаруу |
| **Айыл чарба ресурстары** | Чыктуу тоют даярдоо | ✓ Сугат жерлеринин аздыгы<br>✓ Айыл чарба техникаларынын жетишсиздиги | ✓ Суроо талап жогору |
| **Жайыт ресурстары** | ✓ Аарычылык<br>✓ Туризм<br>✓ Сүт азыктарын даярдоо | ✓ Таңгактоочу жабдуулардын жоктугу<br>✓ Инфраструкturан ын начардыгы<br>✓ Ички жана сырткы рынокко чыгууга билим, тажрыйбанын жетишсиздиги | ✓ Балдын сапаты жогору<br>✓ Уникалдуу жаратылыш аймагы<br>✓ Сырьенун жана эмгек ресурсунун жеткиликтүүлүгү |

**5.2. КНЧти түзүү жана өнүктүрүү стратегиясы**

Көк Арт айыл аймагы тоолуу аймак болгондуктан, кошумча нарк чынжырчасын түзүү аркылуу үй-бүлөлүк кирешени арттыруу менен бирге кичи жана орто бизнести өнүктүрүүгө толук мүмкүнчүлүктөр бар.

Кара Алма токой чарбасы, айыл аймагынын территориясында жайгашкандыктан, табигый мөмө жемиштерге бай. Мөмө жемиштер убагында терилип, кайра иштетүү колго алынган эмес.

Ал эми Көк Арт, Үрүмбаш суулары агып өтөт. Ал сууларга көлмөлөрдү уюштуруп, балык чарбасын өнүктүрүүгө чоң мүмкүнчүлүктөр бар. Себеби, бүгүнкү күндө, Көк Арт суусунда бир топ жеке ишкерлер балык өстүрүп, балык чарбасын түптөп бир топ ийгиликтерди жаратышууда. Ошону менен бирге, эс алуу жайларын уюштурушуп, киреше булактарын жогорулатып, кошумча жумушчу орундарын түзүүдө.

Жайыттары жана токойлору аарычылыкты өнүктүрүүгө чоң шарттарды түзөт. Себеби, Көк Арт айыл аймагынын айылдары деңиз деңгээлинен 1100-1700 метр бийиктикте жайгашкандыктан, бал чарбасын өнүктүрүүгө ыңгайлуу болуп эсептелет.

Ошондой эле, Ош-Бишкек альтернативалуу жолу ушул аймак аркылуу өткөндүктөн туризмди өнүктүрүүнү жолго коюуга чоң мүмкүнчүлүктөрдүн чордонунда жайгашкан.

Негизги тургундар мал чарбасы менен күн көргөндүктөн эт жана сүт продукцияларын өндүрүп сатуу менен кирешелерин көбөйтүп чакан жана орто бизнести өнүктүрүүгө толук шарттар бар. Ал үчүн жогорудагы кошумча нарк чынжырларын түзүүгө багыттар берилип, каржылык колдоо көрсөтүлсө, бул аймакта мүмкүнчүлүктөр кеңири.

### 5.3. Каржылоо жана колдоо

Айылдарда өткөрүлгөн фокус-топтордун жыйынтыгы менен кошумча нарк чынжырын түзүү боюнча төмөндөгүдөй потенциалдуу долбоорлор аныкталды.

*49-таблица. Каржылоо булактары жана колдоо механизмдери*

| **Кошумча нарк чынжыры** | **Долбоордун болжолдуу баасы, сом** | **Каржылоо булагы** | **Мамлекеттик колдоо механизмдери** | **Көйгөйлөр/Чектөөлөр** |
|---|---|---|---|---|
| Мөмө жемиштерди кургатуу, кайра иштетүү | 1 000 000 | | | |
| Балык чарбасы | 2 000 000 | | | |
| Аарычылык | 1 000 000 | | | |
| Туризм | 2 000 000 | | | |
| Сүт азыктарын даярдоо | 500 000 | | | |
| Мал союучу жайларды куруу | 3 000 000 | | | |

## 6-БӨЛҮМ. ЖАРАТЫЛЫШ РЕСУРСТАРЫН БАШКАРУУДАГЫ ГЕНДЕРДИК АСПЕКТИ

### 6.1. Гендердик теңчилик жана жаратылыш ресурстарын туруктуу башкаруу

Жаратылыш ресурстарын туруктуу башкаруу планын түзүү үчүн гендердик-сезимтал форматта маалыматтарды талдоо жүргүзүү зарыл-башкача айтканда, ресурстарга жетүүдө жана контролдоодо, экономикалык ишмердүүлүктө жана жаратылыш ресурстарын пайдалануу методдорунда аялдар менен эркектердин тажрыйбасын талдоо. Ошондой эле, улуу муундун тажрыйбасын эске алуу, жаштарды даярдоо жана аз камсыз болгон үй-бүлөлөр жана аялдар жетектеген үй-бүлөлөр сыяктуу аялуу топторду колдоо маанилүү. Ошентип, бардык топтордун, анын ичинде аялдардын пикирин жана муктаждыктарын эске алуу, жаратылыш ресурстарын туруктуу башкаруунун комплекстүү планын даярдоонун маанилүү элементи болуп саналат.

### 6.2. Гендердик бөлүштүрүлгөн маалыматтарды чогултуу

Жаратылыш ресурстарын туруктуу башкаруунун гендердик-сезимтал планын түзүүнүн алкагында талдоо жүргүзүү үчүн эркектер менен аялдардын тажрыйбасындагы жана муктаждыктарындагы көйгөйлөрдү жана айырмачылыктарды аныктоо үчүн эркектер жана аялдар боюнча бөлүнгөн маалыматтарды (гендердик-бөлүнгөн же гендердик-дезагрегацияланган маалыматтар) чогултуу жана пайдалануу зарыл.

*50-таблица. Жаратылыш ресурстарын башкаруунун гендердик аспектисинин жыйынды таблицасы*

| **Багыттар** | **Жыйналган маалыматтар** | **Эркектер менен аялдардын тажрыйбасындагы аныкталган айырмачылыктар** | **Аялдар үчүн аныкталган тоскоолдуктар** |
|---|---|---|---|
| Жаратылыш ресурстарына жетүү | Аялдар жана жаштар уюмдарынан алынган маалыматтар | Аялдар көбүнчө жаратылыш ресурстарын **күнүмдүк тиричилик жана үй-бүлөлүк муктаждыктар** үчүн пайдаланышат, мисалы, суу, отун, чөп жана азык-түлүк өндүрүү. | Аялдар көп учурда жаратылыш ресурстарына жетүүдө **гендердик жана маданий тоскоолдуктарга** туш болушат |
| Чечим кабыл алууга катышуу | ОГУЛдун жыйналыштарында, фокус-топтордон алынган маалыматтар | *Эркектер:* өз алдынча чечим кабыл алышат<br><br>*Аялдар:* башка адамдардын пикирин эске алуу менен чечим кабыл алышат | Чечим кабыл алуу процессинде эркектердин үстөмдүгү алардын өз ордун табуусун жана таасир этүү мүмкүнчүлүгүн азайтат. |
| Иш менен камсыз болуу деңгээли жана экономикалык ишмердүүлүктүн түрлөрү | Айыл өкмөтү, ОГУЛ жумушчу тобу | Аялдар көпчүлүк учурларда үй-бүлөлүк жана социалдык ролдорго байланыштуу иш менен камсыз болууда эркектерге караганда төмөнкү деңгээлде болушат | Аялдар көбүнчө үй чарбасындагы же балдарга кам көрүү сыяктуу социалдык милдеттерди аткарышат. Ал, бизнес жүргүзүүгө тоскоолдук жаратышы мүмкүн. |
| Билим берүү жана финансылык ресурстарга жетүү | Айыл өкмөтү, ОГУЛ, билим берүү мекемелери | Аялдар көп учурда үй-бүлөлүк милдеттерин аткаруу менен чектелип, билим алууда кыйынчылыктарга туш болушат. Алар көбүнчө иш жана үй-бүлө ортосундагы тең | Билим алууда жана жеке ишкердик жүргүзүүдө үй-бүлөнүн колдоосунун жетишсиздиги |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | салмактуулукту сактоо үчүн көп күч жумшашат. | |

**6.3. Жаратылыш ресурстарын башкаруунун гендердик планын иштеп чыгуу**

Бул пунктта максаттар жана милдеттер белгиленет жана жаратылыш ресурстарын гендердик-сезимтал башкаруунун планы келтирилет, ал төмөнкү таблица түрүндө таризделет.

*51-таблица. Жаратылыш ресурстарын башкаруунун гендердик планын иштеп чыгуу*

| Аныкталган көйгөйлөр (багыттар боюнча) | Иш-чаралар | Күтүлгөн жыйынтыктар | Индикаторлор | Ишке ашыруу мөөнөтү |
|---|---|---|---|---|
| **Жаратылыш ресурстарына жетүү** | | | | |
| Жаратылыш ресурстарын башкарууда аялдардын катышуусунун төмөндүгү | Аялдардын демилгелерин колдоо | Аялдардын демилгелери колдоого алынат | Долбоорду ишке ашырууда аялдардын катышуусу 30%дан кем эмес | 2025-2030 |
| **Чечим кабыл алууга катышуу** | | | | |
| Көйгөйлөрдү аныктоодо жана тандоодо, чечим кабыл алууда аялдардын катышуусунун төмөндүгү | Фокус-топтор, отурумдар | Аялдардын катышуусун камсыз кылуу | Чечимдерди кабыл алууда аялдардын катышуусу 30%дан кем эмес | 2025-2030 |
| **Иш менен камсыз болуу деңгээли жана экономикалык ишмердүүлүктүн түрлөрү** | | | | |
| Айылдарда жеке ишкер-дик менен алектенген аялдар же/жана алардын тобуна ар тараптуу колдоонун жоктугу | Жеке ишкердиктин багыттарын аныктоо | Бир нече үй бүлөлөрдү жумуш орду менен камсыз кылуу аркылуу, социалдык экономикалык мүмкүнчүлүктөрдү жакшыртуу | Мүмкүнчүлүгү жакшыртылган үй бүлөлөрдүн саны | 2025-2030 |
| **Билим берүү жана финансылык ресурстарга жетүү** | | | | |
| 1.Финансылык сабаттуулуктун төмөндүгү | Аялдар үчүн финансылык сабаттуулукту жогорулатуу боюнча атайын окууларды уюштуруу | Финансылык сабаттуулук жана долбоор жазуу боюнча билим, көндүмдөр берилет | Ийгиликтүү ишке ашырылган долбоорлор аркылуу социалдык экономикалык шарттарды жакшыртылат | 2025-2030 |
| 2.Бизнес чөйрөсүндө аялдардын катышуусунун төмөндүгү | Аялдар ишке ашырган бизнес долбоорлорду колдоого басым жасоо | Аялдар же/жана аялдар тобу демил-гелеген бизнес долбоорлор ишке ашырылат | Аялдар же/жана аялдар тобу жетектеген 25 чакан бизнес жолго коюлат | 2025-2030 |

## 7.Мониторинг жана баалоо боюнча иш чаралар

Жаратылыш ресурстарын комплекстүү башкаруу жана климаттын өзгөрүүсүнө туруктуулук планына мониторинг жүргүзүү жана баалоо боюнча иш чаралар

| № | Иш чара | ыкма | мөөнөтү | жооптуулар | Иш чаранын аткарылышы | индикаторлор |
|---|---|---|---|---|---|---|
| *Даярдоо этабы* | | | | | | |
| 1 | ПКУПРУИКти иштеп чыгуу боюнча жумушчу топ түзүү | талкуулар/сунуштар | 1 күн | Айыл өкмөтү | АӨ башчысынын тескемеси | ПКУПРУИКти иштеп чыгуу боюнча жумушчу топтун тизмеси |
| 2 | Жооптуу адамдарды окутуу, кеңеш берүү | Окутуу, кеңеш берүү | 2-3 күн | Айыл өкмөтү<br>CS-FOR | Отчет | Тренинг<br>Кеңеш берүү |
| 3 | Расмий статистикалык маалыматтарды жыйноо | Документтерди изилдөө | 7 күн | АӨ жумушчу тобу | АА стат бөлүмүнүн маалыматы | Стат маалыматтар ЖК, ТЧ ж.б. маалыматтар |
| 4 | Фактарга негизделген ишенимдүү маалыматтарды чогултуу | Сурамжылоо<br>Жолугушуулар<br>Сүйлөшүүлөр | 7 күн | АӨ жумушчу тобу | Чабандардан, аксакалдардан, малчылардан, токойчулардан ж.б. маалыматтар | Фактически маалыматтар |
| 5 | Жайыт аянттарынын жана жерлеринин колдо болгон карталарын изилдөө | Документтерди, карталарды ж.б. изилдөө | 2-3 күн | АӨ жумушчу тобу | Отчет | Карты, маалыматтар, аналитика |
| *Иштеп чыгуу этабы* | | | | | | |
| 6 | ПКУПРУИКтин төмөнкү бөлүмдөрүн иштеп чыгуу:<br>1-бөлүм. жалпы маалымат<br>2-бөлүм. токой чарабанын жана айыл аймагынын жаратылыш ресурстары<br>3-бөлүм. малдын саны жана алардын жайыт тоютуна болгон керектөөсү<br>4-бөлүм. жайыттарды башкаруу жана пайдалануу, аларды жакшыртуу жана калыбына келтирүү боюнча 5 жылга чейинки мезгилге адаптациялык иш-чаралардын орто мөөнөттүү планы | Жумушчу топто иштөө | 7-21 күн | АӨ жумушчу тобу | Даярдалган ПКУПРУИК, Жылдык план | Даярдалган ПКУПРУИК, Жылдык план |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 5-бөлүм. киреше алып келүүчү иш-аракеттердин абалы жана өнүгүүсү<br>6-бөлүм. жаратылыш ресурстарын башкаруудагы гендердик аспекти<br>Жылдык иш планды иштеп чыгуу | | | | | |
| *Макулдашуу баскычы* | | | | | | |
| 7 | ПКПРУИКтин жумушчу вариантын ОГУЛ отурумунда талкуулоо жана бекитүү | отурум, сунуштар, пикирлер | 1 күн | Айыл өкмөтү | ОГУЛдун отурумунун протоколу. Сын пикирлер жана сунуштар | Талкуунун протоколу. Документ жактырылды. Бардык сунуштар эске алынды. |
| 8 | ПКУПРУИКти ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга (РУАР) кароого жөнөтүү | | 7 күн | Айыл өкмөтү, РУАР | Сын-пикирлер жана сунуштар эске алынган документ | Документ жактырылды. Бардык сунуштар эске алынды. |
| 9 | РМА башчысына ПКУПРУИКти иштеп чыгуунун жүрүшү тууралуу маалымат берүү жана РУАР менен макулдашуу | | 2 күн | Айыл өкмөтү | РМА башчысына кат | РМАга жөнөтүлгөн кат |
| *Бекитүү баскычы* | | | | | | |
| 10 | ПКУПРУИКтин финалдык вариантын жергиликтүү кеңештин сессиясына бекитүүгө жөнөтүү. | | | Айыл өкмөтү | АК токтому | Бекитилген ПКУПРУИК |